
9
«Бүгүнкү күнгө чейин таза сүйүү сезими менен жашайм»



13
Бузулган уялар коомдун эртеңи-не коркунуч



Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

11-июнь, 2015-жыл
№4 (04)
saresep.kg





# Мөңгүлөр алтындан кем эмес байлык!

3-бетте

Энергетика кризисинен чыгуунун бир нече жолу бар
7-бетте



Бала бакча жетишсиздиги-нин кесепети
13-бетте



АДАЛСТРОЙПЛАСТ
«Адал Строй Пласт»
Металлопластик терезелер жана эшиктер



ЖЫЛУУ
КООПСУЗ
ЖАРЫК
ТЫНЧ

**Адрес:** *Бишкек ш., Фрунзе көч., 387, 2-кабат*
**Телефон:** *996 312 36 90 10*
**Уюлдук:** *996 555 45 22 23*

inter glass
Bauplast
asas




## Атамбаев июнь окуяларынын 5 жылдыгына карата элге кайрылуу жасады

Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев 2010-жылдагы июнь окуяларынан бери 5 жыл өткөндүгүн эскерип, элге кайрылуу жасады. Президенттин кайрылуусунда Ош жана Жалал-Абад облустарынын аймактарында, Ош шаарында, Жалал-Абад шаарларында улуттар аралык оттун жалынында 400дөй мекендешибиз набыт болуп, миңдеген адамдар жаракат алган. Он миңдеген адамдар үй-жайсыз, жашоосун улантканга эч кандай каражатсыз калган.

Мындан сырткары Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев 2010-жылдын июнь окуяларында адамдарды сактоодо жеке эрдик көрсөткөн жарандар менен жолугушуп, аларды Кыргыз Республикасынын Президентинин белек сааттары менен сыйлады. Мамлекет башчысынын колунан Оморбек Акимбаев, Курманбек Ахмедов, Муззафар Исаков, Бактыкан Кубатбекова, Назира Мамытова, Карамат Нишанбаева, Абдумалик Султанходжаев, Токтокан Турганбаева, Бахадыр Холматов, Николай Шваба, Байгазы Эрматов жана Жакшыбай Жороев деген жарандар кол саат алышты.

Акыркы 50 жыл ичинде бул региондогу улуттар аралык карама-каршылыктын негизинде бул үчүнчү жолку чатак болгон. Чатактын себептерин Улуттук, парламенттик жана эл аралык комиссия изилдеген.

# Кыргызстан Тажикстандан 500 млн кВт саат энергия сатып алат



Бул тууралуу КРнын премьер-министри Темир Сариев 9-июнда Дүйшөмбүдөн билдирди. Тажикстандын президенти Эмамоли Рахмон менен болгон жолугушууда Кыргызстан 500 млн кВт саат энергияны 2,5 центтен сатып алуу тууралуу макулдашуу болду. "Бул баанын 4 центтен 2,5 центке түшүрүлүүсү калыстык", – дейт Темир Сариев.

Электр энергияга болгон дефициттен улам, Кыргызстан 2015-жылга карата Казакстан жана Тажикстандан электр энергия импорттоону пландап жатат.

Өкмөт башчы Темир Сариев андан сырткары бул жолугушуунун жүрүшүндө тажик президенти жана премьери менен эки өлкөнүн ортосундагы чек аралардын делимитация, демаркацияланышы тууралуу сүйлөштү. Улуттук коопсуздук, аймактык коопсуздук жолугушуудагы негизги маселелерден болду.

# Жогорку Кеңеш Бишкекте парламентаризм тууралуу эла аралык конференция өткөрөт

Бүгүн 11-июнда Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши "Парламенттик демократияны өнүктүрүү: алынган сабактар жана анын келечеги" темасында эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрөт. Ага Бириккен улуттар уюмунун баш катчысы Пан Ги Мундун, КР Президенти Алмазбек Атамбаевдин катышуусу күтүлүүдө. КРдын ЖКнын төрагасы Асылбек Жээнбеков Кыргызстан парламентинин ишмердүүлүгү жөнүндө баяндама жасайт. Уюштуруучулардын айтымында конференциянын максаты парламенттик демократиянын тажрыйбаларын анализдөө жана анын келечегин талкуулоо.

2010-жылы өлкөнүн жаңы Конституциясы жарыяланып, Кыргыз Республикасы парламенттик демократия жолуна түштү. Азыр Жогорку Кеңеш конституциялык түзүлүштү аныктап, аткаруу бийлигин, сот корпусун, башка конституциялык органдарды түзүүгө катышат. Кыргыз парламентинин жарандык коомчулук менен байланышы жана иштеши да аталаган конференциянын негизги темаларынан болмокчу.

Иш-чара "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында өтөт.





## Өзбек коомчулугунун өкүлдөрү БУУнун башкы катчысы Пан Ги Мунга кайрылды

Улут аралык кагылышууну баштаган деп күнөөлөнгөн Кадыржан Батыров жана ОшТВ телекомпаниясынын мурдагы директору Халилжан Худайбердиев БУУнун баш катчысы Пан Ги Мунга ачык кат жолдоду деп билдирди Азаттык радиосунун сайты.

Кыргызстанга 11-июнда келээри күтүлүп жаткан баш катчыдан Кыргызстандагы этностук азчылыктардын укугун коргоо көңүл буруусун суранышкан. Алар республикалык жалпы тестирлөөдөн өзбек тилинин алынып салынышын, Коомдук телеканалда башка улуттар тууралуу терс пикирлердин берилишин басмырлоо катары сыпатташкан.

Эки жаран июнь коогасын иликтөө Кыргызстанда бир тараптуу жүрүп, өзбек лидерлердин айыптоого багытталганын, ошондон улам Кыргызстанда жашаган бир канча өзбек жарандары мыйзамсыз камалуудан качып, мекенин таштап кетүүгө аргасыз болгонун белгилешкен.

Пан Ги Мун Кыргызстанга 11-июнда келет. Ал өлкө жетекчилиги менен жолугуп, беш жыл мурун калабаны баштан өткөргөн Ош шаарынын бүгүнкү абалы менен таанышмакчы.



# Киев милициясы 25 адамды бачабаздардын укугун коргоп, кармап кетишти

Учурда дүйнөдө сексуалдык багыты ар түрдүү адамдардын укугун мыйзам чегинде коргоо тенденциясы күч алууда. Моралдык жактан, адеп-ахлак нормаларынан алыс мындай «кубулуштардын» жарандык коомго тийгизген терс таасирин акыл-эстүү, ар-намыстуу атуулдар какшап эле келе жатпайбы. Бирок ошого карабай, улутубуздун уңгусу деп эсептелген аң-сезимдүү 96 депутатыбыз мындай мыйзамды үч окуудан тең түп көтөрүлүп жапырт кабыл алып жибергени көпчүлүктү таң калтырбай койбойт. Эртеңки күнү Кыргызстанда мындай марштар өтпөй койбойт деп ким кепилдик бере алат. Мындай нерсеге эл тараптан Украинадагыдай реакция болбойт деп ким айта алат? Орустарда «жаман үлгү жугуштуу болот» деген накыл кеп бар. Эмесе Кара деңиздин ар жагындагы каколдордун жоруктарына көңүлүңүздөрдү буралы.

Киевде 6-июнда "Теңдик маршы" деген аталыштагы окуя баштала элек жатып, соңуна чыккан. "Правый сектор " радикалдуу кыймылынын өкүлдөрү бачабаздар парадынын катышуучуларына кол салышкан. Мунун натыйжасында милициянын 9 кызматкери жарадар болгон. Бирөөсүнүн ахыбалы өтө оор. Ал моюнунан жараланган. Окуя болгон жерден укук коргоочулар 25 адамды кармап кетишкен.

Уюштуруучулар теңдик маршынын кайсыл күнү жана кайсыл жерде болорун акырына чейин сыр кылышкан. Коопсуздук чаралары үчүн журналисттерге өзүнчө, параддын катышуучулары үчүн өзүнчө жер бөлүнүп берилген. Марш өтөрдүн алдында "Оң сектордогулар" мындай коомчулуктардын өкүлдөрүнө Киев көчөлөрүндө алардын буту баспай тургандыгын эскертишкен. Мындай радикалдуу опузалоолорго, коркутууларга карабай уюштуруучулар Эл аралык ЛГБТ форумунун алкагында "Киев Прайд – 2015" иш-чарасын өткөрүү чечимин кабыл алышкан.

Эртең мененки саат 10дордо марштын катышуучулары "петр Порошенкнун блогундагы" депутаттар менен бирге киев милициясынын коргоосу астында Оболонскийжин жээгинде митинг өткөрүшөт. Бул акцияга ошол эле учурда ачуусу келген ондогон жаш жигиттер сокку урушкан. Алар акциянын катышуучуларына көздөн жаш агызуучу жана түтөтүүчү каражаттарды ыргытышкан.

Ошентип бачабаздардын парады болгону жарым саатка гана созулган. Марш бүткөндөн кийин милиция акциянын катышуучуларына үйлөрдүн арасын аралап тарап кетүүсүн буйруган. Бирок ал жерлерден да агрессивдүү жаш жигиттер булардын шайын оодарышып, ур-тепкиге алышкан.

Киев шаарынын ШИИбнин маалыматы боюнча бул иш-чаранын коопсуздугун сакташ үчүн 2000дей тартип сакчысы тартылган.



# Мөңгүлөр алтындан кем эмес байлык!

**Өткөн айда кыргыз Өкмөтү Жогорку Кеңешке Суу кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча жаңы мыйзам долбоорун сунуштап, аны караган "Ата мекен" фракциясы аталган мыйзам долбоору кыргыз элинин кызыкчылыгына каршы келээрин айтып артка кайтарган.**

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ



Жогорку Кеңеште өзгөртүүлөр кабыл алынбаганына карабастан кыргыз Өкмөтү сунушун агрардык саясат жана суу ресурстары боюнча комитетине берди. Суу кодекси боюнча жаңы долбоордо мөңгүлөрдү жылдырууга жана баалуу кендерди ачык казууга уруксат берүүнү көздөлгөн. Мыйзам долбоорун караган фракция мүчөлөрүнүн айтымында, кодекске өзгөртүүлөр кирсе, "Кумтөр" сыяктуу мөңгүлөрдүн этегинде жайгашкан кендердин айланасындагы көп жылдык мөңгүлөрдү ордунан жылдырып, талкалоого уруксат берилет.

Изилдөөлөр боюнча 1977-1980-жылдары Кыргызстандын аймагында 8264 мөңгү болсо, андан бери 40 жылдын ичинде 20% мөңгү эрип жоголгон. Бүгүнкү күндө 6400 мөңгү бар. Ал аба ырайына байланыштуу жылына сегиз метрге азайып турат. 2100-жылга чейин Кыргызстандагы мөңгүлөр толук жоголот деп айрым изилөөчүлөр кулак кагыш кылып келишет.

Ал эми "Кумтөр" алтын кенин казууда Давыдов сыяктуу көлөмдүү мөңгүлөрдү козгой баштадык. "Кумтөрдөн" түшкөн салыкка кубанганыбыз менен кылымдарды карытып кыргыздын байлыгы болуп сакталып турган мөңгүлөрдүн баасы андан 5-6 эсе кымбат турат. Бүгүнкү күндө жер жүзүндө суу тартыштыгы кеңири орун алып келе жатат. Бир литр сууну сатып ичкен өлкөлөр бар. Эң төмөнкү эсеп менен алганда бир литр таза суу 1 доллар турат. Анда биз баркын билбей жоготуп жаткан мөңгүлөрдүн баасы алтындан алда канча кымбат бааланаары бышык. "Кумтөрдө" эрип талкаланып жок болгон мөңгүлөр канча турарын кыргыз Өкмөтү али эсептеп чыга элек. Кыргыз элинин келечеги сууга байланыштуу. Суу башы болгон өлкө катары коншулаш мамлекеттерге талап коюп, таасирибизди күчөтүүгө чоң мүмкүнчүлүк бар. Ушул жагдайды жадыбалдай билип туруп, мөңгүлөргө кол салгысы келген өкмөткө жол болсун!

**Эркингүл Иманкожоева ЖКнын КСДП фракциясынын депутаты:**



– Бүгүнкү күндө Кыргызстанда суу маселеси көтөрүлүп жатат. Былтыр суунун аздыгынан кургакчылык болуп сугат суу талашкан жарандарыбыз көп болду. Бул Кыргызстанда эле эмес дүйнө жүзүнө болуп жаткан көрүнүш. Кыргызстан Орто Азияда суунун башында турган жана мөңгүлөрү көп мамлекет болуп эсептелебиз. Суу байлыгыбызды туура пайдаланып, сакташыбыз керек. Былтыр мөңгүлөр боюнча "Кыргыз Республикасынын мөңгүлөрү" деген мыйзамды төрт депутат чыгарганбыз. Бул мыйзамды үч окуудан тең депутаттар колдоп беришкен. Бирок Президенттен "өзгөртүү-толуктоолорду киргизгиле" деп артка кайтарылган. Аталган мыйзам боюнча жумушчу топ түзүлүп кайра карап жатабыз. Музду бөлүп-жарып ташыганда эрибей коёбу? Мен ушуга таң калам. Кумтөрдө алтын казыла берсин, бирок жердин алды менен казып алышсын деген талапты коюп жатабыз. Жеке мен Өкмөт сунуштап жаткан бул мыйзамга түздөн-түз каршымын, жердин алды менен барып казып алсын. Эгер парламент да, Өкмөт да бул мыйзамды колдоп берсе тарыхта жаман иштери менен жазылып калат. Ушундай чечкиндүүлүктү талап кылган маселеде кыргыз элинин келечегин карап туруп чечим кабыл алыш керек.

**Жылдыз Жолдошева ЖКнын Ата-Журт фракциясынын депутаты:**



– Мөңгү бул – суу. Суу бул – электр энергия. Ансыз деле "Кумтөрдүн" зыянынан Давыдов менен башка мөңгүлөр да талкаланып калган. Электр энергияга тиешелүү чоңчоң курулуштарды баштап албадыкпы. Нарын каскаддары 1-2, Камбар-Ата-1 ГЭСтерин куруу боюнча. Алар ушул мөңгүлөрдөгү сууга карап куруп атышат да. Алар "электр энергияны суудан алабыз" деп атышат. Анда кантип өзүбүздүн мөңгүлөргө кыянатчылык келтиришибиз керек? Мындай болбош керек. Эмне болсо дагы мөңгүлөрдү көздүн карегиндей сакташ керек. Центерра мындай талап коюп жатканына карганда бир нерсе өткөрүп койсо керек да. Себеби Темир Сариев Кумтөр боюнча комиссияны жетектеген. Биз билбейбиз да алардын ортосунда кандай мамиле болгонун. Эгер ошондой мамиле болуп анан Өкмөт мөңгүлөрдү жарууга уруксат берсе, билесиңерби бул эмне деген шумдук болот. Анда уулуу заттар Нарын дарыясы аркылуу башка өлкөлөргө кетет. Нарын дарыясынан адамдар суу ичишет. Бул чоң маселеге айланып кетиши мүмкүн. Кыргыз Өкмөтү ойлонуп иш кылыш керек. Депутаттар дагы ойлонуш керек, тилекке каршы парламент кийинки мезгилде элдик болуп, мамлекет үчүн күйүү дегенди унутуп бараткандайбыз.

**Токон Мамытов Кыргызалтын мамлекеттик ишканасынын мурунку жетекчиси:**



– Мөңгүлөрдү бузуу жана мыйзам бузуу деген бүгүн эле баштала калган жок. Алтындын корлору турган жерлердеги мөңгүлөрдү "бузуу керек же көчүрүү керек" деп буга чейин эле айтылып келген. Бүгүн бул боюнча бийликтин жана парламенттин айласы кетип турат. Мөңгүнү бузууга уруксат бериш керек же "Кумтөрдү" токтотуш керек. Кенди иштетүү же жаап салуу бул Өкмөттүн иши. Мен "Кыргыз алтындын" жетекчиси болуп турганда да, Жогорку Кенештин депутаты болуп турганда да бир принципке туруп келе жатам. Кумтөрдүн иштеши экологияга да, жергиликтүү жашоочуларга да зыян бербей, кыргыз мамлекетине пайда алып келиш керек деп айтып келе жатам. Бул жерде мыйзам 20 жылдан бери одоно бузулуп келе жаткан. Суу кодекси, жер кодекси, суу жөнүндө мыйзам бузулган. Мына ушул мыйзамды "оңдошубуз керек же токтотушубуз керек" деп Кыргызалтын ачык позициясын айтып чыккан. Бирок бүгүн "Кумтөрдүн" тагдыры кесипкөйлөрдүн эмес Өкмөт менен парламенттин колунда.

# Дүнүйөкордук – түгөнгүс кордук



Жалпысынан дүнүйө деп айтылган мал-мүлк, макам, комфорт жашоону сүйүү адам баласынын табиятында бар нерсе. Бирок молчулукка дагы, жакырлыкка да даяр эмес адамдын бийлик жана байлык сыноосуна туруштук бериши кыйын.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

Сыноо болсо табияттын мыйзамы, ансыз өнүгүү, өсүү, жада калса бир орунда калуу дагы мүмкүн эмес. Жай-кыш, күн-түн сыяктуу эле адамдын же бир үй-бүлөнүн санжырасына келчү нерсе.

Туура тарбиянын туура илим сыяктуу эле "санжырасы" болуш керек. Анткени турмуштун өйдө-ылдыйында, ачуу-таттуусунда адамкерчилигин сактап, башкалардын айбандыкка алдырып ийишине тоскоол болгон өрнөктүн бирин кездештирбеген адам, тигил же бул акыбал жана абалда өзүн жоготуп, өзүмчүлдүк сезимдерине алдырып жибериши мүмкүн.

Дүнүйөнүн бардарынан жокчулугуна, эркин куунак жашоодон көз карандылыкка далай жолу урунган элибиз, кийинки муундарга бул тууралуу көптөгөн алтын ой-насааттарын калтырган.

Үлгү санжырасы улуу болгон, ошол санжырага бекем байланып бийик жана кенен максаттарды алдына койгон, бул максаттарга жетүүдө адамдардын арасында адам катары жашаган инсанга башкаларга ачылбаган эшиктер ачылат. Максат талап кылган учурда мындай адам, бардык мүмкүнчүлүгүн көз ирмебестен эли-жеринин өнүгүп-өсүшүнө жумшап, жупунулук кийимин кийип калса дагы кылган кызматтары үчүн бир нерсе алуу сезими жүрөгүнүн бир бурчунда да жылт этпеши керек. Дал ушундай адамдар элинин санжыра чынжырына алтындан да чиригис, болоттон дагы бекем шакекчелерди таккан болот.

Тетирисинче ар кылган жакшылыгын, ар адамга дайыма эскерткиси келген, ар бир сарптаган тыйынын алтын сом кылып кайтарганды эңсегендер бир күнү болбосо экинчи күнү абийири айрандай төгүлүп, өзүн гана эмес бүтүндөй уругун, жашаган аймагын жер каратып салат. Жакынкы тарыхыбызда канчалаган адамдар эр эңишке Жигит сымал чыгып, бирок сайпана сыяктуу көмөлөнүп түштү.

Дүнүйөкордукка алдырып бараткан бир-тууганыбызды тарбиялоону максат кылган болсок, өзүбүз дүнүйөгө болгон мамилебизди тең салмактуулукка алып келишибиз керек, анткени бир дагы тарбия өрнөксүз ишке ашпайт. Өрнөк болуу үчүн адам туура адеп-ахлак жана жүрүм турумду табиятына сиңириши керек.

Кандай байлык болбосун – руханий, интеллектуалдык же материалдык, башкаларга жумшалмайынча адамдын жүрөгүнө тынчтык келбейт, анткени башкаларды бактылуу кылуудан рахат алуу сезими адамдын табиятында эң терең жайгашкан сезимдердин бири.

Мүмкүнчүлүктөрүн өзү үчүн гана пайдаланган адамдын жүрөгүндө болсо эртели-кеч коркуу сезими пайда болуп, ал сезим бара-бар түрдүү паранояларга алып келет. Акырында адам өзүнүн макам жана мансабын коруш үчүн нормадан сырткаркы чыгымдарды жумшап, бүт материалдык, моралдык жана руханий ресурстарын жок кылат.

# Маскарапозго да акы төлөнөт



Көп күлөбүз. «Кудай кут кылсын», «күлкү эле болуп турсун» дегенибиз менен, күлө берип, күлө берип жалаң гана күлө турган жерлерге барып, күлбөй турган жерлерден качып калганыбызды байкабай калдык.

Тойлор, маарекелер, отуруштар, майрамдар, концерттер... Ал тургай эки достун жолугушуусу дагы «анча-мынча хаха тээп, чер жазышмай» менен өтүп калды. Жүзүбүздөгү сүр жоголду, бабалардан калган баатырдык байыды. Кээде бышактап ыйлай турган абалыбызга да күлчү болдук. «Кечээ мас болуп алып ойда концерт коюпмун» деген адамды достору жамбашын чаап каткырып угуп отурганын көрбөгөн жан калбады. Болбосо ошол мастык дагы, ошол улуу-кичүүнүн алдында абийирдин айрандай төгүлүшү да күлө турган иш эмес эле. Жок биз күлүп тосуп алып жаттык аларды. «Эх досум, ошентип шерменде болгонуңа мактанганча өлүп алсаңчы» деген бир жан болбоду.

Баса, өлүп алгандар да болуп атат. Бирок, шерменде болгону үчүн эмес... Чочко болгуча мас болуп, сүйрөлүп калганы үчүн эмес... Же, ага-тууганы кимдир бирөөнүн колунда кор болуп көчө шыпырып жүргөнү үчүн да эмес. Же, жок дегенде эже-карындашынын ак никесин аттап, намысын тебелеп башка бирөө менен жүрүп кеткен күйөө баласы үчүн да эмес. Балким, атасы кагып койгону үчүн, же энеси акча бербей койгону үчүн... Жок, мен аларды гана күнөөлөгүм келбейт. Кара башы кайгыга малынып, кабыргасы кайышканда жанынан аша кечкен адамды бүгүн «өз убалың өзүңө» деш болбос. Баарыбыз күнөөлүүбүз... Кайсы убакта болбосун күлүп гана карап турган, көзүнөн муңу көрүнгөн адамды карагыбыз келбей жүз үйрүп, бирдемеси жугуп калчудай алыстай калып кайра ыкшыңдап күлүп турган биз, бүгүнкү коомчулук, баарыбыз күнөөлүүбүз. Ооба, кимдир бирөө капага батып турганын көрсөк жанына белгилүү убактан ашык тура албайбыз. Сооротуп, кайгысын бөлүшө албайбыз... Керек болсо өлүм-житимге барганда да эки-үчтөн топтошо калып «хаха тээп» алганга аракет кылабыз... Азалуу кишинин алдында жүзүбүзгө эптеп-септеп кайгынын бет кабын кийип турганыбыз менен, жүрөгүбүздө күлкүнү самап, элирип турабыз... Жүрөккө жедеп ошол сиңип калса кантели?! Жүрөк кудум бөздөй болот тура. Эмнени сиңирсек ошол чыгат экен...

Ошентип, караңкүнгө кабылган кишинин жүзү мындай болоору менен баягы кейпибизге келе түшөбүз. Жер жарылта каткырып күлүп алганга шылтоо кайда болсо табылат. Үйдө, көчөдө, мектепте, окуу жайда, кинодо, концертте... кайда болбосун күлүп атышат... Түнкү клубда абийири айрандай төгүлүп атса да алжактап күлүп атышат... Чет өлкөнүн бей адеп тасмаларын атасы кызы менен, баласы энеси менен чогуу көрүп, чогуу мылжыйып, чогуу эзилип отурат... Бирде бирөөнүн жүзү кызарбайт... «Азыр ушундай» дейт. «Баары эле ушундай тартылып атса кантели» дейт... Күлүп кутулат...

Жада калса өзүбүздүн кинолор да ошондой. Бойдокторунан тартып, жубайларына чейин күлө турган гана кинолор. Ажырашканына да күлдүк, жарашканына да күлдүк. Адашканына да күлдүк, сабашканына да күлдүк. Абышкасын тоногонуна да, апасын алдаганына да, үйүнөн качканына да, абийирин чачканына да күлдүк... Кечээ акындарыбыз «президентибиздин качканын» айтты, ага да күлдүк. «Ажолорубузду кошоктото куганын айтты» ага да күлдүк... Айла жок күлдүкпү, же мактанып күлдүкпү, айтор күлдүк...

Кимдин телефонун караба күлө турган тасмаларды толтуруп алган. Прикол дейбиз аларды... баса ал жерде да ошол... Жыгылганы да, айрылганы да, жарылганы да күлкү... Жанталашып бири-бирибизге жиберип, көчүрүп алабыз... Анан улам-улам эскерип күлүп турабыз... Күнүмдүк норма толбой калчудай кайталап күлүп турабыз...

Деги күлкү болсун, ый болбосун... Кан какшап ыйлап турууну ким эле жакшы көрсүн. Бирок, Кудай сактаса экен... «Кичинебизде көп күлбө, ыйлайсың» деген сөз бар эле... Кудай сактасын... Эли-журтубузду ыйлагандан Кудай сактасын... Баса, күлүп турганыбызда ыйлай турган күн келээрин эстеп, ыйлап турганыбызда күлүп турган күн келээрин эстеп, тобо кылып, каниет кылып жашасак болгону. Ар нерсенин чегинен ашпай, күлчү нерсе менен ыйлачу нерсени ажырата билсек болгону. Керек болсо, сахнада мылжыңдап күлдүрүп турган маскарапоз үчүн да акы төлөй турганыбызды эстесек болгону...

# Кыргызстан менен НАТО келишиминин экономикалык пайда тарабы каралган жок

Кыргыз Өкмөтү жана НАТО Кыргызстан аркылуу жүк ташууну жандандыруу боюнча келишимди карап жатат. Эки тараптын атка минерлери бул келишимди техникалык документ катары сунууда. Саясий серепчилер болсо «Манас» транзиттик базасын түзүүдөгү каталар кайра кайталанбайбы деп чочулоодо.





АНАРА АКМАТАЛИЕВА

Өкмөт НАТО менен Кыргызстандын ортосунда жүк ташууну жандандыруу боюнча келишимди карап жатат. Бишкекте болуп өткөн маалымат жыйынында НАТОнун Борбор Азиядагы өкүлчүлүгүнүн жетекчиси Александр Винников НАТО Кыргызстанга транзиттик жүк ташууну жандантуу боюнча кайрылганын билдирген.

– Кыргызстан жана Борбор Азиядагы башка мамлекеттер, ошондой эле Орусия өз аймагы аркылуу жүк ташып өтүүгө мүмкүндүк берип, бир топ жылдар бою Ооганстандагы эл аралык күчтөргө жардам берип келди. Биз ушул жылдан тартып Ооганстанда "Чечкиндүү колдоо" деген жаңы миссияны баштадык. Бул аскердик миссия эмес. Бул миссия ооган коопсуздук күчтөрүн окутуу, кеңеш жана башка жардамдарды берүүгө багытталган. Бул миссиянын алкагында жүк ташуу зарылдыгы бар. Ошондуктан биздин буга чейинки өнөктөштөрүбүзгө транзиттик жүк ташуу боюнча мурдагы келишимди узартуу же жаңы келишим түзүү тууралуу кайрылдык. Бул өтүнүч азыр каралып жатат. Биз оң жооп болот деп үмүттөнөбүз.

Ал эми КРнын Транспорт жана коммуникация министрлигине караштуу Темир жол жана автотранспорт башкармалыгынын жетекчиси Адылбек Акматов НАТО менен Кыргызстандын ортосунда жер менен транзиттик жүк ташуу боюнча келишим 2012-жылдын 22-майында эле түзүлгөнүн айтып өттү. Болгону жаңы келишимде "Коопсуздукка көмөктөшүүчү эл аралык күчтөр" деген сөздүн ордуна, "НАТО" деген сөз колдонулуп жатат:

–2012-жылдын 22-майында Коопсуздукка көмөктөшүүчү эл аралык күчтөрдүн Кыргызстандын аймагында темир жол жана унаа жолдор аркылуу ташылчу жүктөрдүн транзити боюнча КРнын өкмөтү менен келишимге кол коюлган. Бул келишимдин негизинде Кыргызстандын аймагында биздин жүк ташуучу фирмалар ташыйт. Келишимдин мөөнөтү 2014-жылдын 30-декабрында бүттү. Эми биз ушул эле келишимге өзгөртүү киргизип жатабыз. Анда мурдагы "Коопсуздукка көмөктөшүүчү эл аралык күчтөр" деген сөздүн ордуна, "НАТО" деп коюп жатабыз.

Кыргызстан НАТО менен транзиттик жүк ташуу боюнча келишимди узартууда же жаңыдан келишим түзүүдө эки тараптын милдеттерин жана жоопкерчилигин толук тактап алышы керек. Мындай пикирин билдирген ЖКнын депутаты Алмаз Баатырбеков, НАТОнун Манас аба майданында жайгашкан транзиттик жүк ташуучу борбору боюнча келишимде кетирилген кемчиликтер кайталанбоосу керек. Кыргызстан келишимди узартуу же аны жокко чыгаруу боюнча чечим кабыл алып жатканда, 3-тараптын пикирин эске албастан, өлкөнүн коопсуздугун биринчи орунга коюсу абзел:

–Москванын реакциясынан мурун өзүбүзгө ылайыктап чечим кабыл алышыбыз керек. Менин жеке оюмда азыркы келишимди кандай форматта сунуштап жатат ошону караш керек. Келишимдин пайдасы биздин коопсуздук жана финансы жагыбыз кандай каралганына байланыштуу болот. Эки тараптуу милдеттенмелер кандай, буга да көңүл бурулуусу зарыл.

Ал эми Темир жол жана автотранспорт башкармалыгынын жетекчиси Адылбек Акматов, бул келишим аскердик миссияны өзүнө камтыбай турганын, келишимди Манас аба майданындагы транзиттик жүк ташуу борбору менен салыштыруу туура эмес экенин баса белгиледи. Кыргыз бийлиги Манастагы АКШнын транзиттик жүк ташуучу борбору боюнча келишимди узартуудан баш тартып, анын мөөнөтү 2014-жылы аяктаган. Базанын калышына Президент Алмазбек Атамбаев дагы каршы чыккан.

# 2010-жылдагы июнь окуяларынын сабактары жана көйгөйлөрү

Быйыл июнь окуясына 5 жыл болду. 2010-жылдын 10-июнунда Ош жана Жалал-Абад облусунда кыргыз-өзбек элинин кагылышуусу башталган. Анын аягы адам өмүрүн алуу менен токтогон. Кагылышуунун кесепетинен 893 адам каза болгону маалымдалган. Расмий эмес маалыматтарда курман болгондордун саны 2 миңден ашык экендиги айтылып келет. Ал эми 1,5 миң жаран жараат алган.

АНАРА АКМАТАЛИЕВА

Кечээ 10-июнда борбор калаабыздын "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында 2010-жылдагы июнь окуяларына арналган илимий-практикалык конференция болуп өттү. Аталган иш-чара каза болгондордун жаркын элесине арналган бир мүнөттүк аза күтүү менен башталды.

Президенттин аппаратынын жетекчиси Данияр Нарымбаев мамлекет башчы Алмазбек Атамбаевдин атынан кайрылуу окуду.

"Мындан 5 жыл мурун өлкөбүздүн Ош жана Жалал-Абад облустарында деструктивдүү күчтөрдүн айынан 400дөн ашуун мекендештерибиздин өмүрү кыйылды, миңдеген жаран жаракат алды, ал эми 10 миңдей жаран үстүндө үйү, каражаты жок калды. Бул акыркы 50 жылдагы этностор аралык 3-кагылыш болду. Ошондуктан июнь окуясына объективдүү кароо жана илимий баа берүү келечекте мындай окуялардын кайталанбашына жардам берет",- деп айтылат мамлекет башчынын кайрылуусунда.

Кылымдар бою бир аймакта жашап келе жаткан эки элдин өкүлдөрүнүн ортосунда от жагып, жүрөгүнө жик салган кара өзгөйлүк жосундардын кесепетинен экенин эл өкүлү Төрөбай Зулпукаров белгиледи. Анын айтымында, мындай аракетке саясий жана юридикалык баа берүү улантылууда. Мыкаачылык кылмыштын күнөөкөрлөрүнүн көбү жазаланды. Мунун эстен чыгарбай сабак алууга тийиштигин кошумчалады.

Ал эми вице-премьер-министр Дамира Ниязалиева, Кыргызстандын эң башкы байлыгы өлкөнүн көп улуттуу эли экенин кеп кылды.

«Бирок 2010-жылга чейин мамлекеттик саясатта этностук курам жетиштүү деңгээлде эске алынбай, жарандык тең укуктуулукту калыптандыруу приоритет катары каралган эмес. Тескерисинче мурдагы бийликтин "Кыргыз жергеси – баарыбыздын үйүбүз" деген доктрина коөздук үчүн гана айтылган. Ошол каргашалуу окуялар болгон жылдары өкмөт улуттар аралык мамилеге жетишерлик көңүл бурган эмес. Мунун жыйынтыгында дал ушул этностор аралык карым-катнашка чагымчыл күчтөр от жагып башташкан.",- дейт Ниязалиева.

Улуттук илимдер академиясынын президенти Абдыганы Эркебаев, июнь окуясынын чыгышына жол берген жетекчилер жоопко тартылбай калды дейт. Анын айтымында, азыр өлкөнүн тынчтыгын бузуу үчүн жаңы коркунучтар бар. «Исламдык радикализм, аларды көрүп жатасыздар, Сирияга, Ооганстанга чейин барып согушууда. Өлкөдөн да аларга кошулуп жаткандары жок эмес. Кооптуу жагы – радикализмге берилген жарандарыбыз кайтып келип өлкө тынчтыгын бузуусу мүмкүн. Ошондуктан, дин маселесин жөнгө салган комиссия жумушун жандандырышы керек. Бул маселени күнүгө карап, анализ жүргүзүп туруш керек",- дейт Эркебаев.

Иш-чарага жалпы республикалык деңгээлдеги атуулдар менен бирге чет өлкөдөн жана аймактан келген тарыхчылар жана илимий кызматкерлер да катышты.





# Бейишке кирбей күтөм...

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

- Таене.
- Оу балам.
- Телефонуңуз качан оңолот?
- Менин телефонум оң эле балам
- Балким өчүп калгандыр.
- Жок, күнүгө эле токко сайып атам.
- Кечөө өчкөн жок беле, таене?
- Жок. Бул телефон бир толсо 3-4 күнгө жетет.
- ...
- Эмне болду балам? Эмнеге сурадың?
- Түшүмө атам кирди. Эмне чалбай калдыңыз дедим.
- Анан эмне дейт?
- Таенеңдин телефону өчүп калыптыр. Ошого чала албай атам деп айтты...
- Аа, сени сагынып аткан го анда.
- Эмне атам да мени сагынабы таене?
- Сагынат да балам. Албетте сагынат.
- Сагынса эмнеге чалбайт анда?
- Эми... балким чала албай аткандыр. Телефону бузулгандыр...

***

- Таене, телефонуңузду токко сайып коёюнбу?
- Ооба, ошентчи. Эртең менен уктап калбайлы.
- Эмне телефон жок болсо уктап калабызбы?
- Ооба да. Бизди күнүгө ушул ойготуп атпайбы.
- А атамды да телефон ойготобу?
- Ошентсе керек балам. Азыр элдин баары эле телефон карап калбадыбы?
- Анда атамдын телефону иштеп аткан турбайбы ээ?
- Иштебей анан? Атаң камдуу эмеспи. Иштеп аткандыр.
- Атамдын да телефону иштесе, сиздики да иштесе, анда эмнеге чалбайт?
- Ким билет. Балким, акчасы жоктур...

***

- Таене, мен сабакка барбай эле койоюнчу.
- Эмнеге балам?
- Агай бүгүн классты сырдаганга 100 сомдон алып келбесеңер, келбей эле койгула деген.
- Ой кечөө 100 сом бербедим беле.
- Таене аны Россияга салып ийдим.
- Кимден салып ийдиң?
- Максаттын да атасы Россияга кетип атыптыр. Атама берип коюңуз деп берип ийдим.
- Атаң эмне кылмак эле аны, э катыгүн!
- Бизге чалсын да таене. Ал мени сагынып чала албай жүрөт го.
- Аа, кокууй. Кайдан да айттым эле.
- Эмне таене, чалбайбы? Сагынбайбы бизди...
- Билбейм балам. Билбейм. Деги эмне дешти да билбей калдым...

***

- Таене! Таене! Телефон! Атам чалып атат!
- Кана! Кана бери алып келчи!
- Мына, таене мына! Бол батыраак алыңызчы! Бол!
- Аллоо.. алоо... Жаку... Аа Батмаш сенсиңби? Бу неберем атам чалып атат дегенинен... Кандайсың өзүң, жакшысыңбы? Конок тосом дейсиңби? Кудаларыңбы? Аа, макул азыр берип ийем.
- Атам эмес бекен?
- Жок балам. Бул Батмаш тура. Сыр табак сурап атыптыр. Тур барып берип келчи.
- Барбайм!..
- Ой эмне болду? Тур барып берип кел... Э катыгүн сен ыйлап атасыңбы?
- Сиз эмнеге көпкө сүйлөшөсүз.. Бул телефонго атам чалат дебейсизби? Телефонду бошот, Белектин атасы чалат дебейсизби? Ал сагынып чала албай жүрөт. Кечөө Белек ага акча салып ийген, болду буга чалбагыла дебейсизби?!...

***

- Э Белек, сен эмнеге атам эле атам дейсиң? Апаңды унутуп калдыңбы?
- Жок.
- Анда эмнеге аны айтпайсың?
- Мен аны жаман көрөм.
- Эмнеге?
- Апам күнүгө эле «акча жок. Бул жумушуңан чыгып башка жакка иштебейсиңби. Россияга деле барсаң боло» дей берип атамды кетирип ийген. Апам антпегенде биз баарыбыз чогуу жашай бермекпиз.
- Аа, балам. Анан жашаш керек да. Акча деген жетпей атпайбы?
- Жетет болчу. Акчанын кереги жок болчу мага. Атам эле керек болчу. Мейли акчасы жок болсо деле мейли. Андан балмуздак да сурабайт болчумун. Ботинка, машина, конфет да сурабайт болчумун. Атам эле келсе болмок...

***


- Э Бекинтай, кана телефон?
- Менде таене.
- Э ботом, аны эмне алып алдың?
- Сиз намазда отурганда атам чалып калабы дегем.
- О каралдым десе! Келе эми, панарын жагып эшикке чыгып келейин.

***

- Белек, Бекинтай. Келе гой каралдым мобу дарыны ичип алчы, садага...
- Таене, мен болду апама таарынбайм.
- Алда каралдым ай. Куса болуп ооруйт деген ушу тура. Апаң кара жерге кирсинчи ошо... Чычкандай баланы бир ойлоп коюшпай...
- Түшүмө сиз айткан Мухаммед пайгамбар кирди, таяне. Ал апаңа таарынба. Апа деген баарынан ыйык деди.
- Аа каралдым. Түшүңөн садага болоюн сенин. Түшүңдөн садага кетейин.
- Таене, мен дары ичпей эле койоюнчу.
- Эмнеге балам. Ичпесең ооруп каласың да.
- Мейли. Ооруй берейинчи.
- Кой антпе. Оору тилеген болчу беле.
- Билем, таяне. Эгер ооруп өлүп калсам, атам менен апам кайра келишет да.
- Ок кокуй, антип айтпа! Жаман болот!

***

- Бекинтай, Белек! Карачы биз келдик.
- Пайгамбарым сизсизби? Сиз келдиңизби? Атасы келбегендерге келем дебедиңиз беле. Мен сизди аябай күттүм. Атам да келбей койду. Апам да келбей койду. Анан сиз да кечиктиңиз. Түшүмө да кирбей калдыңыз... Мен баарыңды сагындым... Мени бул жерге калтырбагылачы...
- Бекинтай, сен эмне деп атасың? Бул биз апаң менен атаң... Сен катуу ооруп аткан турбайсыңбы Бекинтай. Эмне деп атасың? Көзүңдү аччы...
- Пайгамбарым, сиз аларга ачууланбаңызчы... Балким алар менден жакшы бала таап алышкандыр. Балким, мен жаман бала болгондурмун... Бирок, мен аларды баары бир күтөм. Бейишке кир десе да кирбей, оозунда туруп күтөм. Акыры келишээр мага... Акыры ошол жерге келишээр...
- Бекинтай... Белееек...



# Энергетика кризисинен чыгуунун бир нече жолу бар

**Францияның Гренобль университетинин магистри, эксперт-экономист Нурадил Раимбеков биринчи макаласында кыргыз энергетикасынын көйгөйлөрүнө токтолгон. Бул макалада энергетикалык кризистен чыгуунун бир нече жолун сунуштайт.**

Биринчи бөлүктө биз энергетикалык сектордогу кризистин системалуу жана узак убакытка созуларын түшүнүп алдык. Эгерде оптимисттик маанайдагы сценарийдин негизинде карай турган болсок, 2798 МВт кубаттуулук бере ала турган генератордук станциялардын курулушу бүтkөн күндө дагы, Кыргызстанда 2024- жылга карата электрэнергияга болгон таңкыстык саатына 800 млн кВтка барабар болот. Ушундан улам энергосистемадагы кубаттуулукту арбытуу менен эң негизги маселени – өлкөнүн энергетикалык коопсуздугун камсыздоону чече албайбыз.



НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

Тилекке каршы, кыска мөөнөттөгү саясий кызыкчылыктар менен түзүлгөн тарифтик саясат кризисти андан дагы тереңдетет. Азыркы учурдагы жалпы эл үчүн электрэнергияга болгон киловатына 70 тыйындык баа 2008-жылдан бери өзгөрө элек. 6 жылдан бери колдонуучулар үчүн болгон баанын индекси 50 пайызды түздү. Бирок тарифтик саясат дагы энергетикалык кризистин бирденбир себеби боло албайт.

Бир ай мурун Президент Атамбаев жетекчилик кылган Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңеши болгон. Ал жерде энергетикада чогулуп калган маселелерди тез аранын ичинде чечүү тууралуу айтылган. Энергетика министрлигине бир айдан үч айга чейинки өтө кыска аралыкта энергетикалык секторду этаптуу реформалоо боюнча бир катар институционалдык жана стратегиялык документтерди даярдоо буйрулду.

Өлкөнүн жогорку жетекчилигинин энергетикада болгон кризистин масштабдарын баалап, Өкмөттүн алдына конкреттүү тапшырмаларды койгону кубандырса, бул маселелерди чечүүгө убакыттын аздыгы тынчыңды албай койбойт. 2000-жылдарда бирдиктүү «Кыргызэнерго» компаниясын реформалоодогу шашылыш чечимдер бизди кандай күнгө кабылтарын билген эмеспиз. 2000-жылдардагы тырмоокту кайра басып алсак, сабы чекебизге кайра келип шак этеби дегенге негиздер бар. Чындыгында бул реформанын бизди кайсыл туңгуюкка алып барып кептеерин көрө алган эмеспиз. Функционалдык милдеттерине жараша майдаланып кеткен энергокомпаниялар өз ара атаандаштыкты жарата алышкан жок. Өлкөбүздөгү обьективдүү экономикалык себептерден улам, энергияны иштетип чыгуу жана таркатуудагы атаандаштыкты жаратуу мүмкүн эмес экен. Өкүнүчтүүсү, бул компанияларда дем берүүчү механизмдердин жоктугунан менеджментти жакшыртуу да колубуздан келген жок.

Кытайларда: «Бир нерсени ылдам жасоо – аны шашпай, бирок токтотпой жасоо», – деген бир акылман кеп бар. Анын сыңарындай, 2000-жылдарда энергетикада башталган реформаларды жай болсо дагы этегине чыгарган оң. Шартты экспресс ыкмалар менен оңдогон опурталдуу. Шашылуу бүргө кармаганга гана жарашат.

Ата мекендик энергетиканын мисалында мамлекеттин канчалык даражада начар кожоюн болгонун көрө алдык. Энергетиканын эсебинен коньюктуралык саясий маселелер дагы чечилип келди. Эч ким анын өнүгүшү үчүн, фундаменталдуу институционалдуу маселелерди чечүүдө өз мойнуна жоопкерчилик алгысы келген жок. Улам алмашкан саясий ишмерлер анын ордуна энергетикадан тыкыр аракет менен акыркы энергияны соруп алып жатышты. Алар кубаттуулуктун азаюу коркунучу тууралуу эч качан ойлонуп да коюшкан эмес.

> CASA – 1000 жана Бириккен экономикалык рынок бири-бирин толуктаган долбоорлор. Алар Кыргызстанга жаңы рынокко жол ачып беришет.

Бүгүнкү күндө ток чыгарган жана өткөрүп турган кубаттуулуктардын кору азайды. Ошондуктан өлкөбүздүн жетекчилигинде энергетикалык коопсуздукту камсыз кылыш үчүн альтернативалык ыкмаларды издөөдөн башка айласы жок.

### ЕАЭБден биз эмнени күтөбүз?

Евразия экономикалык биримдигинин алкагында электр энергия жана кубаттуулук боюнча жалпы бирдиктүү рынок түзүү пландалып жатат. Мында мамлекеттик мекемелер жана жеке компаниялар электр энергиясын базар баасы менен Норд пул (Nord Pool) делген скандинавия өлкөлөрүнүн мамлекеттер аралык базарындагыдай кубаттуулукту кенен-кесири сатса жана сатып алса болот. ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн Бирдиктүү экономикалык рыногун түзүү энергетикалык коопсуздук маселесин чечет. Анткени мында башкалардын энергетикалык кубаттуулуктарына ар дайым жол ачык болот. Мында энергетикалык ресурс эффективдүү пайдаланылат.

Бириккен экономикалык рынок Кыргызстан үчүн да электр энергиясын арзан сатып алып, кайра кымбат сатууга мүмкүнчүлүк берет. Бул эки тараптуу, мамлекет аралык сүйлөшүүлөрдө ар кандай себептерден улам мүмкүн болбой калууда. Анткени эффективдүү энергетикалык саясат жүргүзө албаган Кыргызстан ар дайым айласы куруган сүйлөшүүчүнүн кейпин кийип калат.

Бириккен экономикалык рынокто (БЭР) энергетикалык тармакты өнүктүрүүнүн стратегиясын туура тандап ала турган шартта гана, ата мекендик энергетиканы түрдүү балээден куткаруу мүмкүн. БЭРди түзүү 2019-жылга пландалып жаткандыктан, Кыргыз Республикасынын энергетикалык тармагындагы институционалдык структурасын БЭРдин эрежелери боюнча өзүнө ылайык, даярдап алганга убакытысы бар.

БЭРге кирүү менен бир эле учурда Кыргызстан башка бир долбоордун катышуучусу болуунуу пландап жатат. CASA-1000 деген регионалдуу электр энергиясынын рыногунун алкагында Тажикстан менен Кыргызстанда жайында чогулган ашыкча энергияны Афганистанга, Пакистанга сатканга мүмкүнчүлүк пайда болот. Бул өлкөлөрдө жайкысын электр энергия таңкыстыгы бар. Бул учурда Кыргызстан Токтогул суу сактагычындагы суусун коё берүүдөн чыккан ашыкча энергияны дагы бир жолу иштетип алат. Бул ашыкча энергияны Түштүк Азияга да эң жогорку баага сатса болот. Анткени бул маалда аларда энергияга болгон керектөө эң жогорку деңгээлге чыгат.

CASA – 1000 жана БЭР бири-бирин толуктаган долбоорлор. Алар Кыргызстанга жаңы рынокко жол ачып беришет. Ушундан улам бир суроо туулат. Кыргызстан экспорттоо үчүн жетиштүү деңгээлде энергия иштетип чыгара алабы? Бул суроо азырынча ачык бойдон кала турат окшойт. Анткени анын чечилиши – энергетика тармагындагы институционалдык структуранын жеке инвестицияларды тартып келишине көз каранды.

# Оштук дарчылар Бишкектин Ала-Тоосунда

Бишкек шаарынын мэриясы, Кыргызстан элдеринин ассамблеясы, жана Бишкектеги өзбек маданий борборунун чакыруусу менен «Хазырат Али» аттуу дарчылардын тобу Бишкектин борбордук Ала-Тоо аянтында өнөрүн көргөзүүдө. Бул топ 1-июнь балдар күнүнө карата оюн-зоок өткөрүүгө үч күнгө келген, бирок элдин суроо талабы күч болуп, көргөзүүлөр 10 күнгө созулду. Топтун катышуучуларынын жашы 3төн 30 жашка чейин.



Оюн-зооктун жеткчиси Дилмурад Рахманов. Ош облусунан атайын борбор калаага үй-бүлөсү менен келген. Дильмурад: «Чоң атам, өзүмдүн атам жана мен да дарчымын. Бул көптөн бери ойнолуп келе жаткан оюн. Бул оюнду биринчи чоң атам үйрөнгөн. Андан кийин чоң атам менин атама үйрөткөн. Атам болсо мага үйрөткөн, азыр мен өз балдарыма үйрөтүп отурам. Бул оюн-зоокту 4-муун көргөзүп келе жатабыз.

Дарчылыкты 3-4 жашынан баштап үйрөтө баштайбыз. Кичинекей балдар коркуу сезимин билишпейт. Жыланды берип койсо деле ойноп отура берет. Балдардан биз «бийиктикке чыгасыңбы же жокпу» деп сурайбыз. Эгерде макул болсо анда чыгарабыз. Биз эч кандай аларды мажбурлабайбыз. Мен 3 жашымдан баштап бул иш менен алпурушуп келе атам. Азыр мен 30 карадым. Дарчы болуу менен бирге биз музыкантпыз. Тойлорго барып ырдап турабыз. Бизде көптөгөн музыкалык аспаптар бар. Мисалы, алардын аттарын атай кетсек керней, сурнай аспаптары менен конокторду тосуп алабыз. Менин беш балам бар, төртөөсү ааталарынан калган дарчылык менен алектенишет. Балдарым күнүнө 2 саатын машыгууга жумшашат. Машыгууга атайын 1 метрлик машыгуу тренажорлору бар. Биз Кыргызстандан сырткары Орусия, Казакстан, Эстония, Бельгия, Белорусия жана башка мамлекеттерге барганбыз. Мындан 30 жыл мурун борбор калаа Бишкекте атамдар оюн-зоок коюп кетишкен. Андан бери келе элек болчубуз.

Дилмураттын кенже уулу, үч жаштагы Абубакир Рахманов бийиктиктен коркпойт. Чоңойгондо клоун боллорун айтып, атасы Дилмураттын моюнуна минип 12 метр бийиктикке чыгып, узун тросстон басышат.

Беш жаштагы Хожакбар 3 килограммдык гиряларды көтөрүп, балбан болом деп кыялданат. Дилмураттын бул баласы башкаларынан айырмаланып, көп сүйлөбөгөн аябай оор басырыктуу экен. Ал гиря көтөрүүгө абдан кызыгат.

10 жаштагы Жасур чоңойгондо акробат болом дейт. Ал: «Мен йога менен машыкканыма 3 жылдын жүзү болду. Айнекке жаткандан коркпойм. Айнекке жатканды, шпагат жана башка көргөзүү түрлөрүн таякем үйрөттү. Дем алууну жакшы өздөштүрсөң, айнектин үстүндө жатканда эки адам үстүңө чыкса деле эч нерсе болбойт. Эгерде демиңди чыгарып жиберсең, эс учуңду жоготуп алышың ыктымал», – дейт. Жасур 12 метр бийиктикке чыгып басканды үйрөнөйүн деген оюу бар.

“Мен өзүм музыкант болгондуктан бул дарчылардын үй-бүлөсү менен оюн-зоокторуна катышып жүрөм. Менин аялым кыргыз, мен өзүм өзбек улутунан болом. Мен өзбек маданият борборунун кеңешчиси болом. Бул үй-бүлөнү тааныгандыктан Бишкекке келип оюн-зоокторун көргөзүп кетүүсүн сураганбыз. Дарчылардын көргөзүүсү абдан сонун өтүп жатат. Анткени биздин кичинекей балдарыбыз көрбөгөн, укпаган, оюндар көргөзүлүүдө. Балдарда азыр компьютер, интернет толтура. Көп нерселерге кызыгышпайт. Эгерде маданиятка кызыккан жаштар болсо, бизге чакырабыз. Кыргызстаныбыздын желегин кичине балдар чет элдерге таанытсын деген ойдо бул иш-чараны баштадык”, – дейт Бишкекетеги өзбек маданият борборунун кеңешчиси Сиражидин Камалов.









# Бүгүнкү күнгө чейин таза сүйүү сезими менен жашайм

Башка мамлекеттерден Кыргызстанды улуу көргөн, өз өлкөсүн сүйгөн, калп сүйлөгөндөрдү жактырбаган, акыйкат үчүн күрөшкөн, жубайына мыкты жар, кызына мээримдүү апа, музыкалык мектепте күчтүү мугалимдердин бири Гүлзинат Суранчиева менен маек курдук.



АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

### Кызым “башка улутка турмушка чыгам” десе чочулайт болушум керек

Мен азыр энемин, кызым бар. Келечекте ар бир адам өз баласынын бактысын тилейт. Ар бир адам “менин кызым мындай адамга тийсе бактылуу болот” деп элестетет. Ар бир адамдын мээсинде түзүлгөн жашоодогу планы бар. Өзү жашап өткөн жолунан улам, “менин балдарым менден жакшыраак болсо экен” деп пландап алышат. Ошондон улам башка ойлорду ойлошпойт. Кызым чоңоюп келе жатат. Эгерде “башка улуттун өкүлүнө турмушка чыгам” десе мен деле чочулайт болушум керек. Чынын айтканда менин ата-энем мени Азербайжан улутундагы адамга тийээриме каршылык көрсөтүшкөн эмес. Бирок аябай чочулашкан. Эмнеге мындай, биздин улут болбосо кандай болот, алардын салтын билбесең, жашап кете аласыңбы, жашап кете албайсыңбы деп апам менен сүйлөшкөнбүз. Азыр ойлоп көрсөм ошондо сүйүүнүн артынан ээрчип гана кеткен экенмин . Башка эч нерсени ойлогон эмесмин. Азыркы жаштар бизге салыштырмалуу башкача, бир топ кыйын. Турмушка чыга элек сиңдилерим бар. Бардыгын карашат. Биздин жаш кезибизде адамдар башкачараак болчу. Анткени адамдын моралдык сапаттарына көңүл бурулчу, материалдык жакка эмес. Ал эми азыркы учурда менин инилерим, кызды алып жатышканда “билими барбы, ата-энеси каякта иштейт” деп карашат экен. Кыздар деле ошондой экен “үйү бар бекен, ата-энеси менен жашайт бекен” дешет. Кайын энелери менен жашагысы келишпейт.



### Бүгүнкү күнгө чейин таза сүйүү сезим менен жашайм

Жолдошум экөөбүз улутубузду караган эмеспиз. Сүйлөшүп жүргөн кезде экөөбүз тең студент болчубуз. Ошол убакта сенин ата-эне каякта иштейт, менин ата-энең каякта иштейт деп сураган да эмеспиз. Экөөбүз жолугуп, ортобузда ак сүйүү жаралып ошол сүйүүнү ээрчип кеткем. Мага көп сындар айтылган. Турмуш деген оңой эмес, сүйөм дей бересиңер, жашоодо баары башкача болот деп айтышкан. Ошол кезде менин көзүм көргөн да, кулагым уккан да эмес. Азыр ойлонсом кылган ишим эң туура экен деп эсептейм. Анткени ошол курбуларымдын арасында акчага кызыгып тийгендер же ата-энеси аркылуу күйөөгө тийгендердин үй-бүлөсү сакталбай калды. Эки ирет турмуш куруп кайра ажырашкандар болду. Эң ыйык нерсе бул сүйүү. Дин жактан карай турган болсок, эгерде ал мусулман болсо турмушка чыга берсе болот деп эсептеймин. Эгерде башка диндин адамы болсо, оорчулуктар жаралышы мүмкүн. Бүгүнкү күнгө чейин таза сүйүү сезим менен жашайм, өзүмдү бактылуумун деп эсептейм.

### Мен ырчы болбосом да, сен ырчы бол

Ысык-Көл облустуна караштуу Ак-суу районунун Жолболот деген айылында төрөлүп, 6 жашка чейин таенемдин колунда көп жүрүп калдым. Анткени атам менен апам иштешчү. Апамдын азыркыга чейин жакшы коңур үнү бар. Мурда ырчы болууну кыялданчу экен. Бирок жаш кезинде атам апамды ала качып кеткен. Анан 3 баланы төрөп, казан-аяк, университетине тапшырган бойдон ойлогон кыялдары ишке ашпай калган экен. Үй-бүлөмдө мен үчүнчүмүн. Менин эсимде бар, кичине кезимде апам мага ырдаганды, бийлегенди үйрөтчү. Апам ырга шыгым бар экенин көрүп Бишкекке жөнөткөн. Эмнеге мени ошондо алыска жөнөткөнсүз десем, апам: “Сенин келечегиңди ойлогом” деген. Мен ырчы болбосом дагы сен ырчы бол деген экен апам. Мукаш Абдраев атындагы республикалык адистештирилген музыкалык мектеп бар. Ошол мектепке алып келген. Узун кезекте туруп, конкурска катышып, фортепьяно бөлүмүнө өттүм. Мен Бишкекте жашап калдым, апам кайра айылга кеткен. Апамдын арзуусун мен ишке ашырдым. Анын кыялын орундатканым үчүн апам аябай бактылуу.

### Эч ким кыйналып азап тартпаса дейм

Мен жалгыз кезимде өзүмдү гана ойлочумун. Азыр үй-бүлөм бар. Үй-бүлөм мага эң маанилүү. Мен жашоодон күнүгө жакшылыкты күтүп жашайм. Жакындарымдын, бир туугандарымдын өмүрүн тилеп жашайм. Бардык жерде тынчтык болушун тилейм. Эч ким кыйналып, азап тартпаса дейм. Акча жана башка нерселер мени ойлондурбайт. Бир киши Кудайга аябай жалыныптыр кайра-кайра “мага байлык, байлык бере көр” деп. Кудай ага аябай көп түйшүк бериптир. Ар бир нерсе адамдын өзүнөн болот. Акчаны иштеп тапса болот, ал эми өмүрдү, ден соолукту, жакшылыкты бир гана Кудай берет деп ойлойм.

### Кара көздүү, кара каштуу балдар жакчу

Аткарылбай калган кыялдарым бар, бирок көбү аткарылды. “Жаштын тилегин берет” деген сөз чын экен. Эмнеси экенин билбейм. Мен мектепте окуп жүргөндө мага кара каш, кара көздүү балдар жакчу. Мен айтчумун кыргыз балдарга күйөөгө тийбейм деп. Ошол убакта жөн эле айтып койгом бул сөздү. Ал убакта күйөөгө тийүүнү да ойлогон эмесмин. Курбу кызым бар эле. Ал “Мен деген жетимге күйөөгө тийем” дечү эле. Бирок таңгалычтуусу “пенденин оозундагы сөз Кудайдын кулагында” демекчи, сураган көптү, жакшылыкты сураш керек экен. Ошентип мен башка улуттагы адамга турмушка чыктым, ал эми курбу кызым чын эле жетим балага турмушка чыкты. Мен дайыма сахнага чыгам деп айтчумун. 1-класстан баштап эле сахнага чыгып келе атам. Балалыгымдын баары сахнада өткөн. Сахна бул менин жашоом, кыялым десем болот. Ырчы катары сахнага чыгышым, кийинки этап болду. Бул кыялым да ишке ашты. Ар бир кызга окшоп эле турмушка чыгууну, балалуу болууну кыялданчумун. Бул кыялым дагы орундалды. Мындан дагы башка кыялдарым бар, бирок азыр ал кыялдарымды айткым келген жок.

### Музыкант катары ырларга көбүрөөк баа берем

Мага дүйнөлүк музыкадан кесипкөйлөрдүкү жагат. Ырчылардан Жорж Майкл, азыркы жаштардын арасынан Энрике Иглесиас жагат. Аялзат ырчылардан мектепте окуп жүргөндө, жана студент кезимде Уитни Хюстондун ырларын жакшы көрүп аябай угуп, ырдачумун. Мен аябай укмуштай жакшы көрүп, кумир кылып алган ырчым деле жок.

### “Худсовет болушу керек”

Азыркы биздин кыргыз ырлардын баары европалашкан. Ушундан улам катачылык кетип жатат. Азыр биз дүйнөлүк музыкадан таасирленип, изденип жүргөн маалыбыз деп ойлойм. Мен азыр ырлардын баары жаман деп айта албайм, жакшы ырлар да пайда болуп жатат. Мисалы кыргыздын эски ырларын кайра иштеп чыгып, жаңы дем берип жатышат. Бирок ошол эле убакта, ырлардын баары электен өтүп өтпөгөнү белгисиз. Бизде ырчыларды тандаган көркөм кеңеш болушу керек. Анткени радио жана теледен жаман ырды кечке эле бере берсе ал ыр деле жагып баштайт сага. Бул болсо терс таасирин тийгизет.

### Мен калп айтпоону принцип кылгам

Мен мугалим да болуп иштейм. Ырчылык кесибим менен мугалимдиктен сырткары сулуулук салонум бар. Калпычылыкты жек көрөм. Эгерде мага бирөө калп айтса мен абдан жаман көрүп калам. Ал адам кийин канчалык жагынайын десе деле жакпай калат мага. Мен эч кимге калп айтпайм. Көп учурда жаман көрсө жаман көрсүн деп болгон чындыкты бетине айтып салам. Акыйкаттык менен жашаш керек, эч кимди алдабай. Жалкоолор менен калпычыларды жана орой кишилерди аябай жаман көрөм. Аял киши болобу же эркек болобу орой кишилерди абдан жаман көрөм. Сый мамиле жасаган адамдар жагат. Мен Кыргызстанды чексиз сүйөм. Көп эле өлкөлөргө бардым. Инфраструктурасы укмуш өнүккөн мамлекеттер көп. Менин оюмча Кыргызстанда бир гана тартип жетпей жатат. Биздин элге тарбия керек. Биз калп эле бирөөнү жамандай беребиз. Бирок бир нерсени жакшы жакка өзгөрткүң келсе, өзүң жакшы тарапта болушуң керек да. Уяты жок адамдар көп да бизде. Арабызда тарбиялуу, чынчыл, калп айтпаган, акыйкат адамдар көп болсо өлкөбүз оңолот.




# Эрдогандын партиясы өкмөт кура албай калышы мүмкүн

Түркия президенти Эрдогандын "Адилеттүүлүк жана өнүгүү", кыскартып айтканда «АК» партиясы парламентте көпчүлүк коалиция түзүү үчүн жетиштүү добуш ала алган жок. Андыктан партия эми шайлоодо жеңген башка партиялар менен коалиция түзүүгө аргасыз. Түркиянын мыйзамдары боюнча 45 күн ичинде коалициялык өкмөт түзүлбөсө анда парламентке жаңы шайлоо жарыяланат.

Өткөн жекшемби 7-июнда Түркияда парламенттик шайлоо болуп өттү. Мында 13 жылдан бери бийликтен түшпөй, өлкөнү жалгыз башкарып келе жаткан «АК» партияга берилген добуш 41 пайыз болуп, 2011-жылкы шайлоого салыштырмалуу 10 пайызга төмөндөдү. Жаңы шайлоонун жыйынтыгы боюнча, оппозициячыл маанайдагы «Элдик республика» партиясы 130 мандатка, «Элдик улутчул» партиясы 82 мандатка ээ болушту. Түркиянын премьер-министри Ахмет Давутоглу бул Түркия үчүн жаңы башкаруу системасы болорун билдирди.

Буга чейин Элдик демократиялык партиясы 5 пайыз менен парламентте мандатка ээ боло алган эмес. Ал эми 7-июндагы шайлоодо аталган партия 13 пайыз добуш алып, 10 пайыздык чектен өтүп, 80 мандатка ээ болду. Аталган партиянын лидери Селахиттин Демирташ, шайлоо демократия жолу менен өтпөгөнүн билдирди. Бирок буга карабай мамлекеттин бардык күчүн колдонгон «АК» партиянын башкаруу системасын бузуп, жеңишке жетишкенин кошумчалады. Демирташ: "Укуктарыбыз жана мүмкүнчүлүктөрүбүз чектелсе дагы биз жеңишке жетиштик. Шайлоодогу үгүт иштери демократия жолдор менен болгон жок. «АК» партия бул шайлоодо мамлекет мүмкүнрчүлүгүнүн барын өз пайдасына колдонду. Ал гана эмес биздин үгүт иштерибизге каршы тоскоолдуктар, кол салуулар болду. Урматтуу шайлоочулар, силер жумушчу жана эзилген топтун күчү болдуңар. Биз, ар дайым тең укуктуулуктун жана эзилгендердин жанында болобуз",-дейт Демирташ.

Президент Эрдогандын "Адилеттүүлүк жана өнүгүү", кыскартып айтканда «АК» партиясынын журналистерге болгон кысымы дүйнө коомчулугунда көп сындалган. Мындай кысымга кабылган "Заман" гезитинин башкы редактору Экрем Думанлынын айтуусунда, бул шайлоодо эл «АК» партияга эскертүү берди. Анткени 2002-жылы «АК» партия түзүлүп жатканда, эч кандай бөлүнүүлөргө жол берилбейт, демократияны колдойт деп жолго чыккан. Бирок ал айтылгандардан «АК» партия алыстап кеткен.

"Бул шайлоонун эки натыйжасы бар. Биринчиси, «Элдик демократия» партиясы шайлоочулардын берген добушу менен шайлоо босогосунан өттү. Экинчиси, шайлоочулардын «АК» партияга берген сабагы болду. 2002-жылы түзүлгөн «АК» партия жолго чыгып жатканда, коомду кучагыбызга алабыз, демократиялык багытта реформаларды жүргүзөбүз, Түркияны Европа биримдигине кошобуз деп сөз берген. Мындан улам 50 пайызга чейин добуш алып келген. Менимче, бул шайлоо «АК» партия үчүн чоң сыноо болду. Буга чейин партиянын негиздөөчүлөрү жана партиядан чыгып кеткен айрым депутаттар президент Режеп Тайып Эрдоганга эскертүүлөрдү берип келген. Партия туура эмес жолдо баратканын, түзүлүп жаткандагы философиясынан алыстап, бир гана адамдын башкаруусундагы партияга айланганын айтышкан. Бул адам президент, премьер-министр, сот, мамлекеттик ар бир ишкана жана жеке медияга чейин кийлигишти. Аларды башкарууга аракет кылып, эркин иштөөсүнө мүмкүнчүлүк бербеди. Мунун бары коомчулуктун наarazычылыгын жаратты",-деп билдирди Думанлы.

> Партия туура эмес жолдо баратканын, түзүлүп жаткандагы философиясынан алыстап, бир гана адамдын башкаруусундагы партияга айланганын айтышкан.

«АК» партия буга чейин шайлоочулардан 400 депутат чыгарып берүүсүн суранып келген. Бирок шайлоочулардын бир бөлүгү аталган партиянын туура эмес жолдо баратканын байкап, ага добуш берүүдөн баш тартты. Жалгыз партиялык башкаруу болушу үчүн «АК» партия парламенттеги 550 орундун эң аз 330уна ээ болушу керек эле. Ал эми азыркы шайлоодо «АК» партия 258 мандатка ээ болуп отурат. Учурда Анкарада ар кандай пикирлер тарап жатат. Азчылык башкаруу же коалициялык көпчүлүк болушу ыктымал. Же болбосо кайрадан шайлоо болушу айтылууда. Саясий баяндамачы Балбак Түлөбаевдин пикиринде, азыркы абал менен көпчүлүк коалициясын түзүү кыйын болуп турат. Ошондуктан кайрадан шайлоо болушу ыктымал. Бирок кийинки шайлоодо «АК» партия азыркысынан дагы төмөн пайзыга ээ болушу мүмкүн.

«Элдик республика», «Элдик улутчул» жана «Элдик демократия» партияларынын лидерлери, «АК» партиясы менен коалициялык көпчүлүк түзбөйбүз деп айтып келишкен. Эгерде айтылгандар аткарылса, «АК» партиясы коалициялык көпчүлүк өкмөттү кура албайт. Ал эми азчылык өкмөт куруу үчүн «АК» партия оппозициячылдардын 20га жакын добуш алышы керек.

Шайлоонун жыйынтыгы боюнча президент Эрдоган алгачкы билдирүүсүн таркатты. Анын шайлоо боюнча пикири президенттин расмий сайтына коюлду. Түркия өлкө башчысы калктын шайлоо процессине катышууда активдүү болгону үчүн ыраазычылык билдирген. Ошондой эле бул шайлоонун жыйынтыгы калк үчүн пайдалуу болушун каалап, шайлоо жыйынтыктары өлкөдөгү демократиянын бар экенин далилдегенине ишенем – деп кошумчалаган. Мындан сырткары, шайлоодо жеңишке жетишкен төрт партия лидерлерине кайрылып, ар бир чечимди кабыл алууда жоопкерчиликтүү болууга чакырды.



ЭЛИЗА ИРАНОВА

# Бала бакча жетишсиздигинин кесепети

**Кыргызстандын эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында көпчүлүк бала бакча имараттары менчиктештирилип кеткен. Алардын саны 257 болуп, башка максаттарга колдонууга берилип кеткендигин башкы прокуратурадан билдиришкен. Жалпыга маалымдоо каражаттары мына ошол айрым бала бакчалар тигүү цехи, сауна, прокуратура имараты ж.б. жайларга айланып калганын аныктаган.**

Билим берүү министрлигинин маалыматында, учурда өлкөдө 700гө жакын бала бакча жетишпейт. Соңку жылдары аз да болсо бала бакчалардын имараттары акырындап мамлекеттин карамагына кайтарылууда. Башкы прокуратуранын акыркы маалыматында, Кыргызстанда мыйзамсыз менчиктештирилген 26, өз багытында иштебей келаткан 27 бала бакчанын имараты мамлекетке кайтарылган. Бул боюнча, 2010-жылдан кийин өлкөдө менчиктештирилип кеткен бала бакчалар боюнча мекеме аралык комиссия түзүлгөн.

Совет мезгилинде бала бакча менен камсыздоо 35-36 пайызды түзгөндүгүн айткан Дамира Ниязалиева, азыркы жетишсиздиктин себеби – алгач билим жана тарбия уяларынын менчикке өтүп кеткендиги менен байланыштырат. Анын айтуусунда учурда өкмөт 119 бала бакчаны кайтарып алган. Айрымдары иштей баштаса, калгандары бюджеттеги тартыштыктан улам оңдолбой турат. Вице-премьер министр ошондой эле 2 жаштан 6 жашка чейинки бардык балдар мектепке чейинки билим алышы үчүн дагы 2 300 бакча куруу зарыл экенин билдирген. Ниязалиева: *“2013-жылы декабрда Өкмөт бала бакчаларды мамлекеттин менчигине кайтарууга жана аларды баштапкы максаттарда пайдаланууга кайтапрып алуу иштерин баштоону чечкен. 2015-жылдын апрелине карата болгон маалыматка ылайык, 119 бала бакча кайтарылып, алардын 81и өзүнүн баштапкы багытында иштеп жатат. 19 имаратта калыбына келтирүү иштери жүрүп, ал эми 15 имаратты оңдоо үчүн каражат изделүүдө, дагы 12си боюнча сот териштирүүлөрү жүрүп жатат”*, – дейт.

Аталган мекемелердин имараттарынын басымдуу бөлүгү совет мезгилинен бери ремонттоло элек. Жаңы салынгандары болсо 5-6 жылдан соң эле бузулуп жатат. Мунун себебин эксперттер имараттын сапатсыз салынгандыгы менен байланыштырууда.

Билим берүү имараттарынын абалын жакшыртуу үчүн Билим берүү, илим министрлиги жана ЮНИСЕФ уюму тарабынан «Коопсуз мектеп жана мектепке чейинки мекеме: Кыргызстанда болгон кырсыктарда окуучулардын тобокелдиктерин басаңдатуу» аталышында программа иштелип чыккан. Анын алкагында мектептер оңдоодон өтүп, бала бакчалар курулуп, 10 жыл аралыгында толук ишке ашырылып бүтөөрү белгиленген. Мектеп, мектепке чейинки билим берүү башкармалыгынын жетекчиси Марат Усеналиевдин маалыматында, программанын 40%ын ички булак, 60%ын сырткы булактар каржылайт.

Жыл сайын Өкмөттөн билим берүү мекемелерине бөлүнгөн каражат, косметикалык түрдө оңдоп-түзөөгө гана керектелет. Маалыматка ылайык, өлкөдө ар бир бешинчи бөбөк бакчага барбайт. Расмий маалыматтарга таянсак, Кыргызстанда 927 бала бакчада 135 миң жеткинчек тарбияланып, өлкө боюнча алганда балдардын 17 пайызы гана бакчага барат.

### Баланы мамлекеттик бала бакчага киргизүү да оңойго турбайт

Мамлекеттин бала бакча курууга чамасы келбей жаткан кезде, жеке бакчалардын иштөөсүнө жеңилдиктер түзүлүүдө. Жакында эле жеке бала бакчалар салыктан бошотулаары тууралуу мыйзамга Президент Алмазбек Атамбаев кол койду. Ага ылайык, жеке менчик бала бакчалар, пайда салыгынын кошумча нарк жана сатык салыгынан бошотулат.

Мамлекеттик Салык кызматынын салык төлөөчүлөр менен иштөө башкармалыгынын башчысы Асилбек Каимовдун айтуусунда, аталган мекемелер 2,5 миллион сомдун тегерегиндеги салыктан бошотулат. Мындан Мамлекеттик Салык кызматы чоң жоготууга учурабайт.

Анткен менен карапайым калк, капчыгы чeнелүүлөргө дагы деле жеңилдиктер каралбай калууда. Эң эле арзан делген жеке бала бакчалардын баасы 5 миң сомду чапчып турса, алды 10 миңден ашып түшөт. Жеке бакча мындай турсун, мамлекеттик бакчага берүү да оңойго турбастыгын ар бир эле шаар тургуну жакшы билет.

Берилген билим жана тарбия мамлекеттик менен жеке бала бакчада айырмаланып турат. Себеби акчасын көп төлөгөн ата-эне баласынын бакчадан тиешелүү билимди алуусун талап кыла алат.

### Мектеп жашына чейинки балдарга билим берүүгө киришүү мезгил талабы

Учурда борбор калаада бала бакчалардагы балдардын саны эки эсе көп. Былтыркы жылды ала турган болсок мэриянын маалыматында шаарда 79 бала бакчадагы 12 миң 676 орунга 28 миң 993 наристени кабыл алынган.

Бала бакчага барган балдар менен барбаган балдардын ортосунда сабакка жетишүү боюнча чоң ажырым болоорун мугалимдер айтып келишет. Артта калган окуучуларга мугалимдер көп көңүл бура беришпейт. Мектеп жашына чейинки балдарга билим берүүгө киришүү мезгил талабы болууда.

Чоңойгондо деле үйрөнүп алат деп кайдыгерлик кылсак жаңылышкан болобуз. Бул жаатта изилдөө жүргүзгөн окумуштуулар баланын үйрөнүүгө болгон кызыгуусу, интеллектинин 80% 7 жашка чейин калыптанат деген пикирин айтышууда. Бул маселени көз жаздымда калтырбай, мектеп жашына чейинки балдарга өзгөчө көңүл буруу мезгил талабы экенин ата-энелерден тарта, мамлекеттин тиешелүү органдары маани берип, көңүл буруусу зарыл.

Учурдагы ааламдашуу доорунда балдарыбызга сапаттуу билим берүү менен гана дүйнөлүк аренада өз ордун табууга көмөкчү боло алабыз. Ал эми сапаттуу билимге болгон талап барган сайын өсүүдө.

### Электрондук кезекке жазылуу ишке жарайбы?

Вице премьер-министр Д.Ниязалиева былтыртан бери Ош, Жалал-Абад, Бишкек шаарларында бала бакчаларга электрондук кезекке жазылуу киргизилгенин айткан. Анын айтымында учурда Ош, Жалал-Абад жана Бишкек шаарында электрондук кезекке туруу бар. Алсак азыр Бишкекте 25-мартка чейин 1549, Ош шаарында үстүбүздөгү жылдын 2-апрелине чейин 2619 бала кезекке алынган. Бул аркылуу баланын кезегинин жылганын ачык айкын көрсө болоору айтылат. Бирок, чын эле кезек келеби же жокпу, кезектер деле сатылып кетпейт деп ким кепилдик бере алат. Кезек келгенче балабыз чоңоюп, аты-жөнү жазылуу бойдон гана кала бериши да толук ыктымал. Чын-чынына келгенде бул тизмеге эч ким деле карап отурбайт. Бакчанын жетекчилиги менен сүйлөшүп, көңүлүн алып, же тааныш салса орун табылат, тиешелүү “төлөмүн” төлөйт да киргизип коёт.

### Соңку сөз

Акыркы 5 жыл ичинде бала-бакчалардын саны 50 пайызга жогорулаганы айтылганы менен алар дале жетишсиз бойдон калууда. 2014-жылы республикалык бюджеттин эсебинен 7 бала бакчанын курулушу пландалганы менен, иш жүзүндө 1 гана бала бакча курулган.

Мындай өтө керектүү максатты ишке ашырууда баары келип кайра эле каражатка такалат. Бирок каражаттын жетишсиздигин шылтоо кылбай бул маселени сөзсүз колго алуу зарыл. Анткени Кыргызстандын жаш муунунун келечеги бул куракка камтылган.



# Табылды Асыгалиев: **Улакка баары эле жарай бербейт**

*Бөлүнүп ордо, чын мөөрөй
Атпай турган жер бекен?
Жатпай оюн Көкбөрү
Тартпай турган жер бекен?,*
- деген саптар кадимки "Манас" эпосунда айтылат. Көкбөрүнүн күңгөй-тескейи, ийгилиги жана көйгөйлөрү туурасында көкбөрү мелдештерин көп жылдан бери көрүүчүлөргө баяндап келаткан Табылды Асыгалиев агабыз менен маектештик. Кесипкөй агабыздын кеңири маегин сандан-санга жарыялламакчыбыз.

РАХАТ АКМАТОВА

**– Алгач маекти көкбөрүнүн жаралуу тарыхынан баштасаңыз. Бул оюн көчмөн элдерге таандыкпы, кайсы кылымда пайда болгон?**

- Эми бул улуттук оюнубуз биздин эрага чейин 2 миң жыл мурда пайда болуп, ошондон бери эле ойнолуп келе жатат. Оюндун тарыхы боюнча да ар кандай божомолдор, уламыштар айтылып жүрөт. Ошолордун биринен айтып берейин.

Кыргыздар көчмөн, жоокер эл болгон. Жайы-кышы мал-жанды жалаң бала-бакыра, кемпир-чалдарга калтырып, жигиттер айлап аңчылыкка кетип турушкан. Ошондой күндөрдүн биринде короого карышкыр тийип, мал калтырбай жара тартып кетет. Аңчылыктан кайтып келген алдуу-күчтүү жигиттер короого кымгуут салган бөрүнү ат менен кууп жетип, кол менен желкеден алып, бири-биринен талашып-тартышып ойношуп, катуу кумарга батышкан дешет. Мына ошондон бул оюн жаралган деп айтышат. Экинчи вариантында ошол эле карышкырлар короодогу койлорго кол салганда кичинекей козуларды бөлтүрүктөрүнө аңчылык кылууга үйрөтүү үчүн алып келип берип турушкан. Аны кичинекей бөлтүрүктөр сүйрөп талашып ойногонун көрүшүп, мына ушундан да көкбөрү негизделген деп айтылат. "Манаста" да улуу адамдар алдына улак тартуулганы айтылат эмеспи.

**– Совет доорунда улак тартышка тымызын тоскоолдуктар болгон деп айтылат. Кыязы, бул оюн аркылуу улуттук аң-сезим курчуйт деген ойлор болсо керек, кандай дейсиз?**

- Эми совет доорунда эскиникиш дегенчелик кылып, кыргыздардын оюндарынын баарын жокко чыгарып, тыюу салгандары чын. Улуттук каада-салтты бара-бара жок кылыш керек болчу. Союз убагында дээрлик райондордун баарында көкбөрү тарттырбай коюшкан. Бирок кыргыздын баарыбир канында бар да, ат жалында ойногон жигиттер той-аштарда улак тартышып, элдин черин жазып жүрүшкөн.

# Улакчы Нурманбет: **Көк бөрү – өнөр да, тагдыр да**



Эрендердин эр оюну болгон Көк бөрү кыргыз жыттанып, кымызга суусаган нагыз тоолук жигиттердин оюну. Сары-Өзөн командасынын оюнчусу Нурманбет Койчукеев менен болгон маек улакчылардын мүнөзүнө, дүйнөсүнө кызыккандар үчүн.

РАХАТ АКМАТОВА

**– Алгач улакты кантип тартып калганыңызды айтып берсеңиз, бул өнөргө бала кезиңизден бери кызыгасызбы? Сиздин улакчы болушуңузга ким же эмне түрткү болду?**

– Нурманбет Койчукеев: Атам жылкычы болгондуктан, ат жалында чоңойгом. Агам болсо улакчы. Аганы көрүп ини өсөт дегендей, агам менен барып жүрүп, мен да тартылып кеттим. 18–19 жашымдан тарта курама командада ойноп келем.

**– Улакчылык менен үй-бүлөнү багуу мүмкүнбү? Мисалы, чоң турнирден канча акчалай байге тапса болот?**

– Көк бөрү – мен үчүн сүйгөн кесип. Мен улакты каражат табуу же башка бир кызыкчылык үчүн тартпайм. Ал эми байгеге келсек, мелдештен утканыбыз ар бир балага бөлүнөт. Кээде 10–20 миң сомдон бөлүнөт. Ал эми Казакстанда өткөн Азия чемпиондугунда жүз минден алганбыз.

**– Көк бөрүнүн башка оюндардан кандай айырмачылыктары бар, машыгуу, тамактануу өзгөчөлүктөрү болобу?**

– Албетте өзгөчөлүктөрү бар. Биринчи кезекте улакчынын ден соолугу мыкты болушу шарт. Мелдешке 1–1,5 ай калганда Бишкекке чогулуп аттар менен кошо даярданабыз. Улакчылар күчтүү тамактанышат. Негизинен оюн башталардан бир саат, эки саат мурда тамактанабыз.

**– Казакстанда улакчыларга кыйла каражат бөлүнөт экен, бизде мамлекет бул оюнга жетиштүү көңүл бөлөбү?**

– Ачыгын айтканда мамлекет көк бөрүгө көңүл деле бөлбөйт. Албетте чоң масштабдагы мелдештерде өкмөтүбүз жардам берет. Ал эми башка учурларда биз унутта калганбыз.

**– Улакчы чапчаң, балбан билек дейли, ага аты шайкеш келиши шартпы? Аттар кандай талап менен тандалып алынат жана аларды багуунун өзүнчө жол-жоболору барбы?**


– Көк бөрүгө чалыш, зоот, күчтүү жана күлүк аттар тандалат. Ылганып алынган атты жакшылап үйрөтүш керек. Улакчынын өзү да мыкты болуп, ага аты да шайкеш келип турушу шарт. Ар бир улакчынын өзүнө ылайыктуу аты болушу керек. Бир бала минген атты башкасы мине албайт. Мен минген аттын аты Лексус. Лексус өтө куу, акылдуу, зоот жана күчтүү жаныбар. Лексус Токмоктон алынган жылкы. Бул атты коңшу казак туугандар 100000 долларга сураганда, аттын ээси кыргыздын намысы үчүн саткан эмес. Башка аттардан жекеме жекеге үйрөтүлгөнү жана тай казанга тайсалдабай барганы менен айырмаланат.

**– Көк бөрү экстремалдык спорт түрү эмеспи, улакчыга да, атка да тобокелчиликке барууга туура келет. Катуу жараат алганда улакты таштап салуу ойлору келбейби?**

– Ачыгын айтканда, андай да ойлор келет. Мисалы, мен улактан бутумду, колумду сындырып алдым. Жаракат алганда "болду эми улак тартпайм" деймин, бирок кайра эле оюнга кирип кетем. Албетте бул өнөргө да өзгөчө шык-жөндөм керек. Атка минген ар бир кыргыз уулу эле улак тарта албайт. Улак тартам деп келип тарта албай кеткен да учурлар болбой койбойт.

**– Улакчылыктан бөлөк дагы кандай жумуш менен алектенесиз? Улак тартпай калгандан кийинки турмушуңузду кандай элестетесиз?**

– Улак тартпай калгандан кийин мал–жан менен үйдө болом. Мен кичүү болгондуктан, ата–энемдин жанында айылда калчу баламын.



Нурманбет менен Лексус

**– Уулдарыңыз сиздин жолду жолдоп улакчы болобуз десе колдойсузбу? Же "башты тобокелге байлаба" деп тыясызбы?**

– Бул нерсе тууралуу үйлөнүп, балалуу болгондон кийин тереңирээк ойлонобуз го. Негизинен уулдарымдын улакка чыгып ден соолугун кетиришин каалбайм. Балким окуп, башка иш менен алек бол деп айтам.

**– "Сары–Өзөн" командасы келкели келип, дээрлик баардык мелдештерди утууда. Өзүңөргө кайсыл команданы татыктуу атаандаш деп билесиңер, азыр кайсыл аттар атактуу?**

– Азыр мыкты команда, татыктуу атаандаш катары "Талас" жана "Достук" мыкты командаларын айта алам. Ал эми аттарга келсек БТР, Лексус, Комбат, Туман, Евро, Ахилес, Япончик деген аттарды мыкты, улакчыга шай келген аттар деп билем.

**– Сары–Өзөндүн оюндун баарын утуп жатышынын сыры эмнеде?**

– Биринчиден командага күчтүү жигиттер, күчтүү аттар топтолгон. Экинчиден оюнга чыгаарда тактика абдан жакшы сүйлөшүлөт, машыгуубуз да бийик деңгээлде өтөт.

**– Командадагы балдар оюнда гана биригесиңерби?**


– Биз бир командабыз, ар дайым бир болууга аракет кылабыз, бири–бирибизди дайыма колдоп жүрөбүз. Биз ынтымактуу командабыз, бөлүнбөйбүз жана баардык нерсени тең бөлүшөбүз.

**– Кайсыл мелдеш сиздин эсиңизде өзгөчө сакталып калды?**

– Кыл чайнашкан мелдештердин ичинен 2013–жылдын 31–августунда өткөн Азия чемпионаты эсимде калды. Президенттин кубогун алганда өзгөчө бир жүрөк толкуткан сезимдер болгон. "Кыргызстаным үчүн" деген сезим күчтүү болду.

**– Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат дейт. Улакчылыктан башка дагы кандай кошумча өнөрүңүз бар?**

– Жигиттике таандык көп эле өнөрүм бар. Ат таптайм, устачылык кылам, үй тиричилигинде эркекке таандык баардык иштер колумдан келет. Эң негизгиси жигитмин, сөзүмө турам.



# Бузулган уялар коомдун эртеңине коркунуч

**Заманбап кыргыз коомунда ажырашуу жат кабыл алынбай, үй-бүлөлүк жашоонун атрибутуна айлангандай. ЗАГСтын босогосун күнүнө жок дегенде 1-2 үй-бүлө ажырашуу максатында аттайт.**

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Ажырашуу Кыргызстандын социо-демографиялык абалына чоң таасир тийгизип, актуалдуу көйгөй бойдон калууда. Расмий статистикага таянсак, өлкө боюнча 2012-жылы 8698 үй-бүлө ажырашса, 2013-жылы 9052, 2014-жылы болсо 7752 үй- бүлө очогу бузулган. Ажырашуулардын болжолу менен үчтөн бирин, үйлөнгөндөрүнө беш жыл боло элек жаш түгөйлөр түзөт.

Психолог Жаңыл Майназарованын айтымында ажырашуунун эң негизги себеби – жубайлардын мүнөздөрүнүн дал келишпей калуусу: “Азыркы жаштар бир жактарга барып эс алып, майрамдык маанайда күндөрүнүн бир бөлүгүн чогуу өткөрүп коюшса эле бири-бири үчүн жаралгандай сезилип, эрте үйлөнүп, соңунда күнүмдүк тиричиликке көнө албай ажырашат. Жубайлардын көп бөлүгү сезимдерин, каалоолорун билдирүүнү билишпейт, биринин сөзүн экинчиси укпайт. Бизге кайрылган түгөйлөрдүн негизги катасы “таарынтып аламын” деп кемчиликтерин айтпай, жашыруусу. Казан-аяктары кагышканда гана жубайынын кемчилигин айтат. Бул учурга чейин “баары жакшы” деп жашап келген түгөйлөр, мындай уруштун соңунда бири-биринен көңүлдөрү калып, ажырашышат”, – дейт өз сөзүндө Жаңыл айым. Психологдун айтымы боюнча, ажырашуу чечимине келген үй-бүлөнү туугандарына эмес, психологду зыярат кылуу сактап калат.

Акылай жолдошу менен 3 жыл сүйлөшүп баш кошконуна карабастан, жакында ажырашып, эки ажырым жолго түшкөн: “Канат экөөбүз 2013-жылы баш кошконбуз. Башында баары жакшы эле. Кийинчерээк күйөөм иштебей үйдө олтуруп калгандан кийин ызы-чуулар башталды. Жумушта бир аз кармалып калсам, кызганып уруш чыгарып, кол көтөргөнгө чейин барчу. Соңунда мындай учурдун көптүгүнөн ортобуз сууп, ажырашып тындык,”- дейт Акылай.

Адистердин пикиринде үй-бүлөлөрдүн бузулушуна психоэмоционалдык факторлор, негизсиз уруштар, социалдык теңсиздик, финансылык каражаттын жетишсиздиги, ашыкча кызганыч, кайнене менен тил табыша албастык, туугандардын кийлигишүүсү, баланын төрөлүүсү жана башка жагдайлар түртkү болот.

13 жыл бирге түтүн булатып жашаган Бегалы мырзанын аялы менен ажырашуусунун себеби – бири-биринен тажагандыгы: “Бул чечимди экөөбүз урушуп талашпай эле чогуу кабыл алганбыз. Ата-энелерибиз башында жараштырууга аракет кылышты, бирок акыры кабыл алууга мажбур болду. Акыркы күндөрү Зейнеп экөөбүз чоочун адамдардай эле болуп калганбыз. Бир үйдө туруу биз үчүн оор эле. Ортобузда бир балабыз бар. Азыр ал апасы менен. Аялым экөөбүз балабызга тиешелүү суроолор боюнча гана сүйлөшөбүз,” – дейт Бегалы.

> Азыркы жаштар бир жактарга барып эс алып , майрамдык маанайда күндөрүнүн бир бөлүгүн чогуу өткөрүп коюшса эле бири-бири үчүн жаралгандай сезилип, эрте үйлөнүп, соңунда күнүмдүк тиричиликке көнө албай ажырашат.

Ажырашуунун арбындыгынан көпчүлүк жаштар расмий түрдө никеге турбастан жарандык никеде жашоону адатка айлантып бараткансыйт. Салтыбызга туура келбеген жарандык никенин саны шаар ичинде арбыныраак. Үй-бүлө жоопкерчилигинен качкан жаштар, убактылуу бул милдетсиз никеде жашоону туура көрүшөт.

Эки жылдан бери сүйлөшкөн кызы менен жарандык никеде турмуш куруп келе жаткан Нурадилдин айтымы боюнча нике күбөлүгү жөн гана расмий документ, эң негизгиси чыныгы сүйүү сезими: "Чогуу жашоо чечимин кызым Айпери экөөбүз биргеликте чечкенбиз. Биринчиден үлпөт той өткөзүүгө шартыбыз жок, экинчиден азырынча экөөбүз тең тойду каалабайбыз. Баары жарандык никени туура көрүшпөйт, бирок азыр биз 21-кылымда жашап жатпайбызбы," – дейт өз билдирүүсүндө каарманыбыз. Нурадил мырзанын айтымында ата-энелери айылда тургандыктан балдарынын жарандык жашоосунан кабардар эмес. Болгону сүйлөшүп жүргөндөрүн билишет.

Адистердин билдирүүсүндө, жарандык никеден аялзаты көбүрөөк жабыр тартат. Мындай никеде төрөлгөн балага күбөлүк алып берүү, мектепке окутуу, алимент төлөтүү кыйынга турат. Кыргыз калкы да азырынча буга даяр эмес, себеби Кыргызстанда башка өлкөлөрдөй болуп жарандык нике үчүн атайын мыйзамдар иштелип чыккан эмес.

Дин адамы Кадырбек молдонун маалыматы боюнча жубайлар никесин кудай алдында бекитиш керек: ”Шариятта никесиз жашоо арам болуп эсептелет. Кандай гана учур болбосун, документтери жок болсо да, никелери кыйылуусу абзел. Азыркылар “жарандык нике” деген нерсе менен жашап, жоопкерчиликтен качууда. Көңүлгө сыйбаган бул нике көбүнчө эркекке гана ыңгайлуу болот, кийими жуулган, тамагы даяр. Бирок ал кызга “үйлөнөм” деп сөз бербегендиктен, таштап башка бирөөнү таап алышы да мүмкүн. Ал эми кыз намысын жоготкон соң башка эркек менен турмуш куруп кетүүсү биздин коомдо татаал маселе”, – деп билдирди. Кадырбек мырзанын айтымында жаштарга диний агартуу иштерин көп жүргүзсө, мындай коомду бузган көрүнүштү алдын алууга болот.

Үй бүлө бул мамлекетибиздин пайдубалы. Ал канчалык бекем болсо, мамлекет да бекем болот. Ошол себептүү татыктуу үй бүлө куруп, анын ысык-суугуна чыдап жашоо ар бир жарандын милдети.




# Өзүбүздүн күзгүбүз

Жаш бала болгонуна карабастан көчөдө, коомдук жайларда колунда тамеки түтөтүп тургандарды баарыбыз эле көрөбүз... көрөбүз да, "буюрса, менин балдарым мындай болбойт" деп ичибизден ойлоп коёбуз. Ошол балдардын деле ата-энеси ушинтип ойлогон чыгар. Бирок...

ЭЛИЗА ИРАНОВА

Адам терс көрүнүштөрдү көргөндө эстеп, башына түшкөндө гана түйшөлүп ойлонот эмеспи. Ал турсун алдын алуунун ордун көп учурда кенебестик, бейгамдык ээлеп, кол шилтеп койгондор деле аз эмес. Мына ошол тамекинин туткунуна түшкөн жаш балдарды көрүп, муну кадимки көрүнүшкө айланбаса экен деп тилейсиң. Жугуштуу оорудай көпчүлүктү каптаган тамекинин түтүнү адегенде эле тестиер балдарга барып тиет.

Балдарыбыз жакшы, тарбиялуу, билимдүү болсун, ата-энеге кайрымдуу болсун деп илгери үмүт менен бапестеп бакканыбыз менен, айрым убакта буларооз учунда айтылган жөн гана сөз экенине да ынанбай коё албайсың. Биз баладан көптү күтөбүз, бирок, ошончо нерсени өзүбүз бере албайбыз. Алар ата-энесин күзгү сымал туураарына көп деле маани бербейбиз. Маани бербейбиз да «баланы башынан» деп коёбуз. Балким "баланы дагы, ата-энени да башынан" десек дурус болмок беле?.. Ал турсун, алгач ата-эне башынан ачык, даана, таза күзгү болсо, бала да оңдоп-түзөй турган жерлерин жакшылап көрө алар беле... Өзүбүз сынган, чийилген күзгү болсок, анан ага көрүнгөн балдарыбызды "неге жамансың" деп айтууга кантип оозубуз барып, кандай кудуретибиз жетет? Тилекке каршы, мындайлар да жок эмес. Албетте, беш кол тең эмес дегенчи, атанын айыбын жапкан эр-азамат, эненин эси жогун жашырган эстүү кыздар деле бар. Айтайын дегеним, өзүбүздүн «күзгүбүздү» өзүбүз кирдетип, сындырып албасак экен. Аны аярлап, башкалардын, эң негизгиси балдарыбыздын өзүн «оңдоп-түзөгөн» жашоо күзгүсү, өмүр жолу болуусуна ылайык, сапаттуу чагылдырып бере алган касиетке, күчкө ээ болсо дээр элем.

# ЧЫЛЫМДЫН КЕСЕПЕТИ

Заманбап медицина курамына жараша тамекинин кийинки зыяндуу жактарын аныктап чыккан:

НИКОТИН өсүмдүк алколоиддердин классына кирген наркозаттын бир түрү. Адамдын органдарын, айрыкча борбордук нерв системасын, алгач дүүлүктүрүп, андан кийин кескин буйт. Алкоголь сыяктуу эле, тез чарчоого, алсыроого, көнүп калууга алып барып, чылым чекпей калса көңүлү жай болбой, жүрөгүнө коркунуч кирип, калтырак-титирек басып, стресске жана башка нерв-психологиялык ооруларга чалдыктырат. Кээ бир окумуштуулардын айтуусу боюнча, адам төрөлгөн убакта эле Жараткандан ыйгарылган соруу рефлекси да тамеки өндүрүүчүлөр тарабынан колдонулган дешет. Анткени, бир жери ооруган же ач болгон бала эмчек же упчу сормоюнча сооронбойт, ошондуктан тамекинин алгачкы чайноо түрү эмес, дүйнөдө соруп чегүү түрү кеңири таратылган дешет. Никотиндин дагы бир коркунучтуу жери, эгер тамеки үйдө же унаада чегилсе, химиялык түзүмү 1-2 айдын ичинде өзүнөн-өзү ажырап жок болгонго чейин аны бир дагы күчтүү жууп кетирчү суюктук же порошок менен кетирүү мүмкүн эмес. Ошондуктан тамеги чегилген үй-бүлө мүчөлөрү дайыма түрдүү аллергиялык ооруларга чалдыга беришет.

ИС ГАЗЫ тамекинин түтүнүндө мүмкүн болгон нормадан 35000 эсе көп болот. Тамекинин түтүнүнүн уулуулугу машинаныкынан 4,5 эсе жогору. Ис газы кычкылтектен 250 эсе жеңил болгондуктан кандагы гемоглобин менен реакцияга кирип кычкылтекти азайтып, жүрөктүн буулуу орусу менен миокард инфарктына алып келет.

ТАМЕКИ КӨӨСҮ көптөгөн рак пайда кылуучу химиялык заттарды камтыйт. Тамекинин көөсүн коёндун кулагына сүртүп турса, 3-4 айдан кийин рак шишиги пайда болот. Медиктердин айтуусу боюнча, ар бир чегилген тамеки адамдын өпкөсүндө эч качан чыккыс так калтырат, анткени канды кычкылтекке байытып турган өпкө губканыкынан да майда тешикчелерден турат. Бул көрүнүштү энелерибиз койдун өпкөсүнөн олово жасап жатканда май жана белоктор кармалып калып жалаң суу чыгып жатканынан байкасак болот. Муну текшерүүнүн дагы бир ыкмасы – дайыма чылым менен ышталган комнатага желим фильтрлүү кондиционер коюп туруп, жарым жылдан кийин ошол фильтрди тамекинин чайырынан тазалап көрүңүз, күчтүү химиялык заттар жана унаа жууган суу пистолети менен араң кетиресиз.

КАН ТАМЫРЛАРДЫН СПАЗМЫ. Адам чылымды соруп, түтүн денеге кирип баштагандан 7 секунддан кийин никотин мээге жетип кан тамырларын кеңейтет. Ошол эле мезгилде канга бөйрөк аркылуу, сырткы коркунучтарга табигий каршы туруу милдети берилгендиктен тамырларды кескин түрдө ичкерткен, адреналин кирет. Мындай жасалма натуура адаттан улам чыккан карама каршылыктан тамырларды дайыма микро-титирек басып, кан тамырлар эрте эле иштен чыгып, жарыла баштайт. Буту-колдун майда кан тамырлары өз функцияларын аткара албай калгандыктан, организмде түрдүү чирүү процесстери пайда болуп, кээ бир дене мүчөлөрүнүн операция аркылуу кесип салынуусу көп кездешет.

РАДИОАКТИВДҮҮ НУРЛАНУУ: тамекинин түтүнү өзүнө полоний-210, жез-210, висмут-210, радиоактивдү изотопторун камтыйт. Бир кутуча тамекини чеккен адам мүмкүн болгон деңгээлден 5 эсе көп радиация алат. Бир жылдын ичинде 200 жолу рентгенге түшкөндөй доза алат. Медиктер болсо, рентгенге бир жылда бир гана жолу түшүү дурус дешет. Бул себептен, чылым чеккен адамдын организминде оор металдар топтолуп, акыры рак оорусуна алып келүүсү илим тарабынан далилденди.

ВИТАМИНДЕРДИН ЖОК БОЛУШУ: тамекинин түтүнү чылым чеккен адамдын тегерегиндеги 200 чарчы метр аралыгындагы адамга керектүү болгон С, В-12, В-6 витаминдерин жок кылат. Кан аркылуу ар бир клеткага кирип иммундук системасын талкалап, чылым чеккен адамдын бардык, айрыкча аллергиялык жана өпкө ооруларынын, пайдубалын бул илдет түзөт.


Тамеки чекпеген жана чеккен адамдардын өпкөлөрү

# Тамеки тартууну алдын алуу

Ата-энелер үчүн кыскача, токтоло кете турган бир канча кеңештер:

**1. Алгач ата-эне өзүн чылымдан алыс кармап, өрнөк болуусу керек**

Эгер ата-эне тамеки тартса, баланын чылым чегүү мүмкүндүгү чекпеген үй-бүлөгө салыштырмалуу 3 эсе көп болот. Өзүңүз чылым чегип, балага "тартпа" деп айтуунун эч мааниси деле калбайт. Чынында жаш бала мыкты тууроочу жана ошол көргөн нерселер жана мисалдар ал үчүн баш тарткыс үлгү болуп саналаарын эсибизден чыгарбасак.

**2. «Көк түтүндү» алгач сиз таанытыңыз**

Балдар 3-4 жашынан баштап тамекинин зыяны тууралуу билүүлөрү зарыл. Эгер "мектеп жашына жеткенде айтам" десеңиз жаңылышасыз, убакыт да утуласыз. Ал эми бала 6-7 жашка чыкканда, топтолгон чылымдын калдыктарын балаңызга көрсөтүп, жыттаткан соң, ушундай жаман нерсенин өпкөсүндө болуусуна кандай караарын сураңыз. Кийин, ошол чылымдын калдыгынан бирди алып ага бериңиз. Кызыгуусу тараган соң кайра алып коюңуз.

**3. Жаш балага кыска убакта төмөндөгүлөрдү үйрөтүңүз:**

- Чылым чеккендин кийимдери жаман жыттанаарын;
- Тиштери жана колдору саргайып кетерине;
- Дем алуусу кыйындаарын;
- Энергиясы азаярын;
- Бир жумада тамекиге кеткен акчага эмнелерди алууга болорун, мисалы, таттуу, оюнчук, китеп, ж.б.

Тамеки тартууну өзүнүн эрки менен каалап, тандап алаарын, бирок, ошол эркиндигин чылымга көз каранды болуп, анын чыга алгыс туткунуна тушугарын түшүндүрүп баса айтыңыз.



# Айкөлдүн түрдүү сүйүүсү – 4

## Кардар көбөйтүү эрежеси

НАСИПБЕК АСАНБАЕВ

Колундагы күрөктү жерге сайып коюп көпкө ой басып отурду. Ою тереңдеген сайын тээ илгерки өткөн кеткендер эсине келип өзүнөн өзү ачуулана баштады. Ачууланбай анан кантет эле? Бүгүн эле минтип жасакерленип аткан Руслана кечээ өзүн кандай алдады? «Баарын тең бөлүп, тең жашайбыз» деп коюп жылт эткендин баарын өзү алып жыргап жүргөнүн эстеген сайын эрдин тиштеп, муштуму түйүлө калып жатты. «Андан дагы наркы Океана менен атаандашканын кантейин» деди өзүнчө кобуранып. Чынында эле Руслана Океанадан кем калышкысы келбей канча жыл бою катуу тирешти. Ал эми анын курулай атаандашканынын азабын бул жакта Айкөл жана анын туугандары эле тартты окшойт. Күн-түн дебей малын багышты. Күн-түн дебей жерин иштетти. Ошонун баарын Русланага беришти. Бүт баарын… Өзүнө да, бала-чакасына да ыраа көрбөй, баарын Русланага берди. Руслананын алкымы болсо күндөн-күнгө араандай ачылды. Берем дегенинен кичине кемип калса кызандап, туталанып чатак салып турду. Кичине да кемибешин талап кылды. «Жылдан жылга арттырып тур» деди. Кыскасы карандай гана айласын кетирди. «Жүзүң менен куруп калгыр сары быштак» деп туталана кетти Айкөл. Кокус азыр келе калса жыга чаап басып кетчүдөй ачууланды. Бирок, бул анте алмак эмес. Аялзатына кол көтөрүү, конокко кол көтөрүү булардын канында да, дилинде да жок нерсе эмеспи… А Руслана болсо аны жакшы билет… Ошон үчүн кылтыңдайт да ал. Ошон үчүн жылтылдап, кылтылдап атпайбы.

Колундагы күрөктү наркы ташка жөлөп коюп бут алдын карап ойго батты. Анын баятан берки санаасын бул жолу дагы баягы кумурскалар бөлүп кетти. Тигине алар. Дагы эле жаны тынбай тытынып жүрүшөт. Бири нары чуркап, бири бери чуркап деги эле тыным алышпайт. «Кызык, ушу кыбыраган немелердин да өз алдынча жашоосу бар да э?» деген ой мээсине жылт дей түштү. Ошону менен кайрадан алардан көзүн албай кунт коюп карай баштады…

***

Бул убакта болсо кумурскалардын уясында укмуштуудай чоң талкуу башталып калган болчу. Кайсы кумурска болбосун жанагы данекбаштардын жаңы эрежесин талкуулап жатышкан. Айтмакчы, ал эрежени кечээ жакында эле Дарино Ниязиго менен Ыграл Кадриго аттуу эки данекбаш таап сунуш кылган. Жок. Тагыраак айтканда, Дарино аны Ыгралга белек катары сунуштады. Ооба, жөнөкөй кумурскалар бири-бирине чөнтөгүнөн чыгарып бир нерсе белек кылса, бу данекбаштар бири-бирине ушунтип жаңы-жаңы эрежелерди белек кылышат. Кантип дейсизби? Эмесе угуп туруңуз. Кепти тээ башынан баштабасак болбос.

Ыграл данекбаш түгөйсүз калгандан бери жумурткалаштары аны ар кандай жол менен капуста таап, камсыз кылып турушчу. Эми албетте, жөнөкөй кумурска бир күндө он чакты капуста кетирсе, бу данекбаштарга андан он эсе көп капуста керек тура. Ошон үчүнбү, айтор Ыгралдын жумурткалаштары кыйналганынан капустаны араңдан зорго табышчу. Мисалы, бир жумурткалашы Ыгралды багыш үчүн башка кумурскалардын уяларын тартып алууга, жөргөмүштөрүн жула качууга чейин барып жүрдү. Албетте, эжени багыш анын милдети… А бирөөсү болсо элге журтка шерменде болгонуна карабай лаззаткана иштетчү. Кыскасы жумурткалаштары эптеп айла кылып данекбаш эжесин эч кимге кор кылбай карап жатышкан. Бирок, кашайганда ынсапсыз кумурскалар булардын ынтымактуулугуна ичи тардык кылып тигилердин үстүнөн тинттерге арызданышты. А андайда тинттер жөн турабы. Улуу жумурткалашы Канчорду бир заматта тинтип киришти. Натыйжада Канчор Ыгралга келип корголоду.

- Ыграл Ыграл жайды жайлай ырдадың, жөргөмүш жеп жыргадың. Элдер эшек курт жеп атканда, мен сени жалаң жөргөмүштүн эти менен бактым. Эми сен да мени бак. Тинттер мени издеп жүрөт, - деди ал. Айла жок, Ыграл аны уясына киргизип бага баштады. Бирок, кумурскалардын көрө албастыгы ушуну менен гана бүтүп калса гана. Эми алар лаззаткана иштеткен жумурткалашына асылышты. Ошентип ал дагы лаззатканасын жакшылап иштете албай калды. Бир күндө миң капуста түгөткөн Ыграл эми кантээрин билбей кыйналды. Баягы ар кимдин бетин тырмагылап берчү Ыграл кудум тырмагы жоктой жашоого өттү. Мына ушундай күндөрдүн биринде ал кесиптеши Дариного жолугуп, кобурашып отуруп арпанын башындай арманын айтты.

- Иштер чатак Дарино эже. Мен азыр жашаганга капуста таппай калдым. Күзүндө хайлалоого кантип барам билбейм. Анын үстүнө бизде лаззаткана да көбөйүп кетти. Биздин элге менин эле лаззатканам жетет, башкаларды жабалы десем да болушпады. Лаззаткана көбөйгөн сайын кардарлар да азайды. Эхх… эми данекбаш да болбой калсам кантем билбейм, - деди ал. Ошондо Дарино ойлонуп туруп сырдуу кеп баштады.

- Ыгралжан, ар бир тамга тааныган кумурска сенин лаззатканаңа барышын каалайсыңбы?

- Кандай дейсиз? Ар бир тамга тааныган кумурска дейсизби? Муруту чыга электер дагыбы?

- Ооба. Муруту чыга электер дагы.

- Коюңузчу? Алар лаззатты билмек беле? Ой билмек беле деймин да. Аны элдин баары билет деңизчи. Бирок… болбойт го… Хихихи…

- Күлөт да. Бизди деген данекбаш деп коёт. Биз ынтымактуу болушубуз керек. Мисалы, бүгүн мен сага кардар таап берем, а эртең сен мага табасың. Биз ушунтип капуста таппасак бизге ким таап берет? Мисалы, азыр мектептерде канчалаган бала кумурска, кыз кумурска жөн эле жүрөт. Керек болсо ошонун баары биздин кесиптештердин лаззатканаларына барып кардар болушу керек. Биз колубузда турган нерсени иштете албай атабыз. А сен болсо кулөсүң.

Дарино ачуулангандай кабагын түйдү.

- Бала кумурскалар кантип кардар болсун кызыксыз го. Алар жетиле элек да, - деди Ыграл күлгөнүн токтотуп.

- Болот. Болгондо да кандай болот. Аларды муруту чыга элек деп эркелете бербей, тезирээк жетилтиш керек. Тиги четкуяларды карачы. Баардык нерсени бир заматта жетилтип коюшат. А биздикилер 18ге чыккыча кардар болгонго жарабайт. Бул эмне деген шумдук. Бозор! Орсилердин тили менен айтканда бозор! Эшек курт сатканга болбосо, хумаркана иштеткенге болбосо, жер сатканга болбосо, деги биз кантип жашайбыз? Туурабы?

- Туура. Туура деңизчи бирок…

- Бирок мирогу жок. Жаңы эреже киргизебиз. Мектептерде лаззат сабагы берилиши керек. Керек болсо сабакта үйрөнгөнүн кайталоо үчүн тээ алыскы уячаларга чейин лаззаткана ачтырабыз. Сага окшоп көп жылдык тажрыйбасы бар лаззатканалар мунугерситет болот. Хитлом берет. Ооохх… Мен дагы лаззаткана ачкым келе баштады…

- Ачыңыз ачыңыз. Муруту чыга электе эле бизге кардар болуп атса анда баарыбыз ачсак болот.

- Ыгралжан, туура кыялданчы. Керек болсо муруту таптакыр чыкпагандар да кардар болот.

- Ой! Мурут чыкпагандар дейсизби? Ошондо ургаачы кумурскалар дагыбы?


- Анан эмне?! Тең укуктуулук деген бар, Ыграл. Тең у-кук-туу-лук! Эмнеге эркектер эле кардар болушу керек. Ургаачылар дагы кардар болсун. Эркектер деле бизге кызмат кылсын, туурабы?

- Туура туура! Туптуура эже. Ушу сиз гелийсиз да, гелий!

- Үйрөн сиңдим. Бышактап отура бербей үйрөн! Керек болсо бул эреже үчүн мухиттин ары жагынан миллиондогон капуста келет. Тунабыз сиңдим, тунабыз. Эреже өтсө лаззат да болот, капуста да болот. Тай-ра-ра, тайрара…

Мына ошентип эки данекбаш бүткүл Кумурзстанды чууга салган эреже таап Жогорку Данекке сунуш кылышты. Албетте, жеке өзүнүн лаззатканасы барбы, же туугандарыныкы барбы, же келечекте лаззаткана иштеткиси келгенби, айтор 96 данекбаш бул эрежени сүйүнүп кабыл алды. Баса алардын арасында ушуга чейин лаззат тууралуу билбегендер да бар экен. Алар лаззатты окутуш керек дегенди уккада убагында өздөрүн окутуп койбогон ата энесине, устаттарына наалат айтып көздөрүнө жаш алышты.

Бөлмө аралык ЭШИКТЕРДИ жана ТЕПКИЧТЕРДИ буйртума алып жасайбыз. Тел.: 0700-69-45-01, 0770-60-99-06



GREEN CITY hotels & resorts

Green City мончосу
Исакеев көч., 2а

түрк хамамы
орус мончосу
туз камерасы
бассейн
балыктар менен пилинг
массаж
жаш балдар бөлмөсү
ж.б




www.greencity.kg



Greencity мейманканасы
Тынчтык пр, 16

бир орундуу бөлмөлөр
эки орундуу бөлмөлөр
КОНФЕРЕНЦ ЗАЛ
ресторан
бизнес ланч

+996 312 87 87 50
+996 559 87 87 50

Нурсалам
кафе • чайкана

Палоо, самса, түшкү тамактар, манты, мастава, мампар, жөжө табак, куурдак, пирожок, банкет 50-60 кишиге
Буюртма үчүн телефондор: 0552626562, 0772390595
Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көчөсү 603, Жаш гвардия менен кесилишет

Салон белорусской мебели "Э-Лира"
Адрес: г. Бишкек, ул. Ахунбаева, д. 48 (угол ул. Бектенова), тел.: +996 /312/ 88 09 84, моб.: +996/550/ 70 44 88





# Прайс-лист

"Сарсеп" гезитине модулдук реклама жана PR материал берүү үчүн

| **Модулдук реклама:** | **1 чарчы сантиметрдин баасы:** |
|---|---|
| 1-бет | 30 сом, |
| Түстүү беттерде (8-9, 16-беттер) | 25 сом, |
| Түссүз беттерде | 15 сом, |

*Модулдук рекламаны жасоо +30%*

| **PR-материалдар:** | **1 чарчы сантиметрдин баасы:** |
|---|---|
| Түстүү беттерде (1, 8-9, 16-беттер) | 25 сом, |
| Түссүз беттерде | 20 сом, |

*Кыргызчага которуу +20%*
*Гезиттин журналисти тартылса +20%*


Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Жаркын Жаныбек кызы.

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Даткайым Азамат кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы.

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров.
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 738 231
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Design:** "Горизонт Медиа"

**Дареги:** Бишкек ш., И. Ахунбаев көч., 182б
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 25-22-52
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы:** 5500
**Буйртума №1492**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП